КЫРГЫЗ КЫШТАГЫНЫН
АДАМДАРЫ ЖАНА
ИШТЕРИ

А. АКМАТАЛИЕВ

КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ КОЮНУН МЕКЕНИ

ҚЫРГЫЗ ҚЫШТАГЫНЫН АДАМДАРЫ
ЖАНА ИШТЕРИ

А. АКМАТАЛИЕВ

КРОССБРЕД ЖҮНДҮҮ КОЮНУН МЕКЕНИ

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1980

46, 62

А 40

А 40 Акматалиев А.

Кроссбред жүндүү коюнун мекени. — Ф.: Кыргызстан, 1980. 88 б. — (Кыргыз кыштагынын адамдары жана иштери).

Бул китепчеде тоолуу Тянь-Шандын климаттык шартына ылайык келген эт-жүн багытындагы кроссбред жүндүү (узун жана жалтырак жүндүү) койду өстүрүп чыгарууда жана аны таратууда Кыргызстан мал чарба илимий-өндүрүш бирикмесинин окумуштуулары менен бирдикте Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын адистеринин жана чабандарынын жүргүзгөн иш аракеттери баяндалат.

А $\frac{40706-83}{\text{М } 451\ (17) - 80}$ 102.80.3804020400

636,3

ББК 46.62

© «Кыргызстан» басмасы, 1980

ЖУБАЙЛАР

Жолдор көп. Бирок, баары түз эмес. Өйдө-ылдый, бирде бийикке көтөрүлүп, бирде жапыска түшөт. Қасабалуу ашуулар, таштак-тайгак кечүүлөр—ушунун баары эле жол. Ал эми азамат башынан өткөрүүчү өмүр жолу да, эмгек жолу да так ушул сыяктуу. Ар кимдин жолу ар башка. Турмушта ар кандайча басып өтөт. Чыйрактык, же көпшөктүк мененби, ал ар бир адамдын эмгегине, кудуретине жана дараметине жараша болот.

Биз сөз кылууга арзый тургандар өзүнүн алтындай өмүрүн мүлдөнүн жыргалчылыгына багыттап коюшкан нукура адамдар. Ошондуктан алардын өмүрү—ары жемиштүү; ары сыймыктуу жана кереметтүү. Бүгүн бул адамдардын асыл ысымдары Ала-Тоонун арасында чабыттап, элибиздин да, жерибиздин да, чарбабыздын да сыймыгы болуп калышты. Алар кимдер?... Эмесе, сөз алатоолук асыл тукумдун авторлору жана республикалык мамлекеттик сыйлыгынын лауреаттары туурасында болсун.

. . . Қой кыркуу жаңы эле башталып, биринчи саамалык жибек жүн классировкалоо столуна түштү. Евге-

ния Степановна назик жүндөн колуна алып, сыйда сылап, оңго бурулду. Анан мындай деди:

— Укун, Укун дейм муну көрдүңбү, өлүү тарамдары азыр да бар турбайбы?

— Ооба, байкап жатам, менин эки көзүм ушунда, Евгения Степановна, мага бул жүндүн сыры аттын кашкасындай эле таанымал болуп калбадыбы. — Тегерек тарткан сары чийкил чотуракай жигит жүндүн аяк-башын сылай маңдайына тарта көрүп, кайра беркиге бурулду. Байкоолордо өткөн жылдарга караганда өлүү тарамы анча эместей го. Бара-бара бул да жоюлушу ыктымал ээ, э, Евгения Степановна? Классировщик жигит койдун жүнүнүн төрт тарабын кайрадан жазып, ар кайсы жеринен чокулап үздү. Ал өз көзүнө өзү ишенбегендей байкоо жүргүзүү менен алек. Бир аздан соң Евгения Степановна:

— Мына ушул жүндүн кийин кажаты жок, жалпы сапатына доо кетирет. Фабрика кабыл алганда ушундай өлүү тарамдын капшабы менен кайран жакшы жүндөрүбүз да кийинки сортко түшөт.

— Кээ койдун жүнү самындап койгондой купкургак. Эмнеликтен андай, Евгения Степановна?

— Арык койлордун жүнүндө кайдан чыбаш болсун.

— Чыбашсыз жүн жарытпайт дебейсизби? . .

— Чыбаш жүндү чыйралтат. Сапатын сактайт. Чыбаштуу жүндөн өлүү тарам да чыкпайт. Кол майланышып турат.

— Ооба, «Малың семиз болсо, жүнү тегиз болот» деген макал бар эмеспи. Жогорку семиздиктеги койдун жүнү өскөн сайын боргулданып, жүнүнүн түбү тим эле чылпылдап майланышып калат. Таразага оор түшөт. Өнөр жай ишканаларына жеткенге чейин жүндүн баштапкы касиетин сактайт. Арбын жүн алып жаткан кадик чабандар муну мыкты түшүнүшөт. Жүндүн чыбаштуулугунун натыйжасын сураган келинден улам жүн сорттоо столунда каз-катар турушкан кыз-келиндер улам жаңы-



Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты
Е. С. Друженькова

лыкты билүүгө ык алышып Евгения Степановнаны тегеректей түшүштү.

Евгения Степановна — жекече турмушта да, же жигердүү эмгекте болсун таасыраган аял заты. Сүйлөө ыкмасы менен адамды өзүнө тартат. Тигил, же бул нерсени кыябында сезет. Көзү каныкэже-сиңдисиндей баарда-

шып калган буларга өзүнүн тунук оюн ортого салбай койбойт. Үнү коңур аял чын дити менен:

— Мына, көргүлөчү кыздар, катуу созсоң, минтип, чорт үзүлүп кетет. Мобул уюлгуган чандай мап-майда өлүү тыпын ордуна чыбаш болсо, жүн өтө бышык келип, үзүү да кыйын болуп, жибектей үлпүлдөп турмак. Албетте, мындай көрүнүш малды баккандан, мал бир калыпта асыралбайт. Бир семирип, бир арыктагандыктан ушундай жагымсыз жагдай түзүлдү.

Жубайлар: Евгения Степановна менен Георгий Ивановичти бул жердегилердин чоң-кичинесине чейин билишет. Эки илимпоз өзүлөрү да төркүн-төшүбүз ушул Кара-Кужур деп эсептешет.

Георгий Ивановичтин эмгек жолуна көз чаптырсак, ал оболу техникумду бүтөт да, бир жылча участкалык зоотехник болуп иштейт. Анан Пермь шаарындагы айыл чарба институтуна кирет. Аз убакыт өтпөй орто билими бардар үчүн атайын буйрук чыгып, Георгий Иванович да Советтик Армиянын катарына чакырылат. Айтылуу Дондун көз мелжиген талааларын, анан Воронежди, жумурай-журтка кабардар Сталинграддан тартып, 1-Украиналык фронттун төө өркөчтүү жерлерин мүрүнөн тайбай чыйрак баскан Георгий Иванович Друженьков «Запастагы майор» деген аскердик чинди алып, «Ата Мекендик согуштун I даражадагы» ордени, «Ата Мекендик согуштун II даражадагы» ордени, «Кызыл Туу», «Кызыл Жылдыз» ордендеринен бөлөк беш күжүрмөн медалынын ээси болуп, тынчтык күндөрүнө үзөнгүлөш кайтып келди. Бул 1947-жыл эле. Жигит келери менен Чыгыш-Казакстан областтык айыл чарба башкармасынын кой чарбачылыгы жана жайыты боюнча зоотехник болуп иштейт. Шартка байланыштуу атчан, жөөчөн, төөчөн дегендей тоо-ташты кести. Кой чарбачылыгын ниетинде башкача көрөт. Анын сырлары менен терең таанышууга дымагы зор болот. Ойлогон ой, тилеген максатына бийиктен кароодо, аны жүзөгө таасын ашырууда жигиттин бир



Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты
Г. И. Друженьков.

нерсеси кемдей туюлат. Арадан жолтоо болгон кара ниет согуштан мурунку талабы кайрадан тынчын ала баштады. Жетишерлик билим алмайынча, бул көрүнгөн тоосу бийиктей, сезилет.

Георгий Ивановичтин асмандан издегени жерден табылат. Ошол тапта Алма-Ата Казакстан мал чарба илим-изилдөө институтунун алдында кой чарбачылыгы

жана Бонитировка боюнча бир жылдык жогорку мектеп ачылат. Георгий Иванович Евгения Степановна менен ушул жерде таанышат.

Мектептин көрүнүктүү окутуучусу жана жетекчиси ВАСХНИЛдин академиги Владимир Александрович Бальмонд экен. Бул адамдын таасири өзгөчө эле. Ал казактын уяң жүндүү коюн биринчи негиздейт. Биздин Алай коюна окшошкон Дегерестин автору. Бул республикадагы эт жана жүн багытындагы жарым уяң жүндүү койдун тукуму да ушул адамга таандык. Бирок анын түзгөн бул тукуму кроссберддик даражада эмес эле. Кой чарбасынын чыгаан устаты, союзга бештен-белгилүү адиси ошол институттун алдында ар кайсы тукумдагы койлордун коллекциясын түзүүгө жетишкен. Аның коллекциясынын базасында Англия менен Советтер Союзунун койлорунун тукуму болуп аларды бири-бири менен аргындаштырып, таасын байкоо жүргүзөт. Алп окумуштуунун мындай жышаандары ошол мектепте окуп жаткандарга таасирин тийгизет. Академик Бальмонддун эмгеги эми Георгий Ивановичти да өзүнө тартат. Алгачкы кездерден эле жигиттин кой табиятын талаптагыдай таануу га жасаган аракетин илимпоз кыраакы көзү менен туюнат. Владимир Александрович Бальмонд бир күнү Друженьковго минтип кайрылат:

— Георгий Иванович, окууну болсо ойдогудай бүтөсүң мен окутуучуң катары ымандай сырынды үккум келет. Келечегиңе кандай максат коймокчусуң?

Георгий Иванович өзүн токтоо кармап:

— Кандай максатта суроо коюп жатасыз, Владимир Александрович? — деди.

— Эми экөөңөрдүн тең акыл-оюңар бир максатка багытталууга тийиш. Бул учурдун учкул талаптарынан жигит эми академиктин астейдил оюна түшүндү. Албетте, залкар адамдын оозунан мындай ой угуу арзанбы?! Түшүнгөндүгүн ал мындай туюндурду:

— Владимир Александрович, биз Сизди өтө сыйлайбыз. Сиздин камкордугунузга биз өтө ыраазыбыз.

— Азыр өзүңөр билесиңер. Азык-түлүк саясаты өлкөдө аябай курч коюлуп жатат. Жүн керек, эт керек. Согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүдө, советтик элдин мындан аркы тынчтык мезгилиндеги талабын канааттандырууда мал чарба азык-түлүктөрүнүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу күн тартибине коюлуп отурат.

Академик мындай пикирлерди лекция учурунда да көп кайталоочу. Бөтөнчө кой чарба тармагынан алынуучу киреше ошол чакта эң эле төмөн түшүп кеткен. Айтор, ушундай негиздүү себептерден улам тоолуу крайларда малдын тукумун жакшыртып эт жана жүн багытында асыралуучу койду өстүрүү согуштан кийин ийкемдүү багыт алат. Бул үчүн атайын көрсөтмөлөр да болот. Георгий Иванович менен Евгения Степановна кой чарбасы жана бонитировка боюнча жогорку мектепке киреркге чейинки ой-максаттары эми минтип, кайрадан жанданды. Академиктин асыл талаптары, аталык кеңештери булардын келечек өмүрүнө шыкыт кошкондой туюлду.

Евгения Степановна Харьков шаарындагы зоотехникалык институтка чейин Харьков областындагы Писарев атындагы айыл чарба техникумун бүтөт. 1938-жылы институтту ойдогудай аяктаган орус кызы СССР Совхоздор Комиссариатынын жолдомосу менен Кыргыз жергесине биринчи тушугат. Эмгек арымынын алгачкы эки жылында Түптөгү айыл чарба техникумунда окутуучу болуп иштейт. Анан өлкөдөгү жагымдуу комсомолдук чакырыкка кошулуп, чарбанын өзүндө иштөөгө аттанат. Евгения Степановна Ош райондук айыл чарба башкармасынын башкы зоотехниги болуп дайындалат. Согуштун алдын-артын камтыган тогуз жылдын ичинде бул адис турган райондун мал чарбачылыгынын көрсөткүчү

өсүү жолуна чыгат. Натыйжада ал «Республикабыздын эмгек сиңирген зоотехниги» деген ардактуу наамды биринчилерден болуп алат.

Ошентип, өмүр-шерик табышып, бакты-таалайды эриш-аркак эмгектенүүдөн издөөгө бел байлап, жолго чыгышкан жубайлар бул мектепти артыкчылык дипломдору менен бүтүшөт. Атайын жолдомо менен Кыргызстанга келишет. Георгий Иванович республикалык жылкы трестинде кой жана азык-түлүк мал чарбачылыгы боюнча башкы зоотехниктик милдетти аткарат. Евгения Степановна Айыл чарба министерствосунун сунушу менен Мал чарба жана Ветеринария илим-изилдөө институтундагы кой чарба бөлүмүндө башкы илимий кызматкер болуп орношот. Мында Кыргызстандын төгөрөгүнүн төрт бурчунда уяң жүндүү койду жайылтуунун перспективалуу методдорун кайрадан карап чыгууга баса отурат. Муну менен катар жарым уяң жүндүү койлорду жайылтуу машакаты да ошондо күн тартибине коюлат. Айрым кызматташ жолдоштору: — Улгайып калышты.

— Мындай иштерге мурунтан талаптануулары аракеттенүүлөрү керек эле.

— Отуздан ооп, кыркка таянгандар үчүн илимдин чокусу өтө бийик, бекер кылышат — ишеничке ээ болуп алышып, эми арты кандай чыгаар экен», — дешти. «Тагдырды антип өлчөп болбос, билим алууда, илим изилдөөдө карылык жок. Бет алган иштен жалгасын, кайра акыл жагынан, эрк жагынан темирдей чыйралган кезибиз» . . . Булар бир кездеги академик Бальмонддун терең акылын эсте тутушту.

«Эх дечи, азыр минтип зор иштин өтөөсүнө чыгып, эмгек ырахатына малынып отурушат. Буга чейинки илимдик турмушта жебедей учкан сырдуу күндөр бир күндүк убайга тете эмес экен го! . . » дейм өзүмчө.

. . . Жаңы эле кызматынан кайткан Георгий өмүр-дөшүнүн сырын тартуу үчүн сөз чекесин чыгарууга оң-тойлонду:

— Бир ой айтайынбы, Евгения Степановна, же? . . .

— Кана, айт, ал кандай ой экен? Жагымдуу ой болуп калгысы бардыр. Кулак сенде . . .

— Мага жаккан нерсе, сага да жагат. — деди Георгий жылмая. — Экөөбүздүн көкүрөгүбүздө көптөн бери сакталган ой-максат . . .

Анын оюн беркиси анча баамдай албады. Евгениянын ою Ош тарапка чалды. Үйүр алышкан жер, айыл чарба адистери али жетишсиз кез. Бир жерде тогуз жыл. Ошол чактарын Евгения көп элестетчү. Георгийге мурунтан сөз башылап да көргөн. Бирок, Ош тарапка кетүү-коюлары туурасында чечкиндүү кеп жүргөн эмес. Айтылган сөз өз ордунда калган.

— Евгения, мен бел байлайынбы, ыя, же анда турмуш-шартыбыз бөлүндү болуп калчудайбы? — Эмне, элет жерине көчүп баралы дейсиң го, мейли бир чарбада иштеп, же «бар», же «жок» болсокпу—деп ичинен ойлоп отуруп Евгения:

— Георгий Иванович, алиги сөзүңдү кайталап айтчы? — деди.

— Кайсыны?

— Эмне, тоолуу жерге барууну, тоолук болууну каалайсызбы?

Жигит жым дей түштү.

— Так ошону акылдашалы! — деп жатпаймынбы.

— Албетте, малдын окуусун бүттүк, тажрыйбабыз бар. Мындан ары да үйрөнүүнүн ичинде болобуз. Мал ичине барыш керек. Өндүрүштүн өзүнө тике катышалы.

Ортодо бир нече сөздөр жүрдү. Аягы айтып бүткүс таттуу тилектер, максаттар, бакыттар . . .

Евгения, эми туура туюнду. Сөздүн жана иштин төркүнү кайсы нукка тоголуп жатканын эми айдан-ачык сезди.

— Георгий Иванович, чарбага тек барып иштебей, бир ишти изилдесем деген тилегиң бар го, ыя?

— Ооба.

— Жогорку билимиң жок дешпейби?

— Сөзсүз жогорку билимдүү зоотехник болушум зарыл. Азыркы орто адистигим мени бийик өргө бет алдырбас. Ошон үчүн сырттан окуйм. Бир чарбага барып, тажрыйба койсом, практикам менен окуум ойдогудай айкалышмак.

— Анан окубай калмак белең. Георгий баягы мен айткан эсиңдеби, эмдигиче жогорку курста болмоксуң. Мейли али кеч эмес, ийгиликтин эрте кечи, көрүнгөн тоонун ыраагы жок дейт эмеспи.

Ошентип, Георгий Ивановичтин Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүшүнө максаттын ушул жагы да жөлөк болду.

Кийин Георгий Иванович мындайча эскерет: «Койдун жаңы тукумун жаратуу өлчөөсүз изденүүнү талап кылды. Эки жакка көбүрөөк чыгып, жердин шарты менен таасын таанышуум тийиш эле. Кыргызстан тоо өлкөсү болгондуктан аба ырайы өзгөрмөлүү экени мен үчүн түшүнүктүү көрүндү. Жеринин көбүн шөкөлөлүү тоо кыркалары ээлеп, аз гана аянтын ошол бийик тоолор менен каланган ички дыйканчылык өрөөндөрү ээлери белгилүү болду. Алай, Арпа, Ак-Сай, Кара-Кужур, Төлөк, Соң-Көл, Суусамыр өндүү көтөрүңкүлүгү деңиз деңгээлинен 2500 метрден ашык сырт жайыттарын көрдүк. Тоолуу алкактардын республикада малды өстүрүүгө, айрыкча, кой чарбачылыгынын келечеги үчүн оңтойлуу жагдайы бардыгы бештен белгилүү эмеспи . . . Азыр мындай бийик тоолуу алкактар республикада тоют балансасы үчүн эбегейсиз чоң маани берет. Жыл бою жалпы тоюттун үчтөн экөөнү талаа жайыты түзөт.

Академик В. А. Бальмонддун асыл кеңешин арка-бел тутуп, суук алкактарга ылайыкташкан, өнөр жайдын талабына карата сапаттуу жүндү арбын берүүчү, эттүүлү-

гү мыкты тукум чыгаруунун зарылдыгы жетилет. Ушул максатта 1950-жылы жайында Чоң-Кара-Кужур өрөөнүнө жол тартат. «Бийик жердин жайыты мага жакты, — дейт Георгий Иванович өткөн күндүн бир үзүмүн эскерип, — бул жерден улам менин балалыгым эске түштү. Менин эс тарткан чагым Алтайда өттү. Алтайдын Беруха деген тоосунун даңктуу бийик чокулары бар. Бухтурма аттуу дарыясы Кара-Кужур суусундай көк кашка тунук көрүнүүчү. Бирок, агымы долу эле. Бүгүн мында Бухтурма ГЭСи курулду. Дыйкан жаштар мектебинде окуп жатканда геология-чалгындоо партиясына кошулдум. Жер-суу кесип, таштын ар кандай түрлөрүн жыйнашып, ошондо эле өрүштүү жайыттар жана шалбаалар менин көз жоомду ала турган. Жеринен эле мал жаатына ымалам жакындай сезилүүчү».

ЧАРБАНЫН ТАРЫХЫНАН КЫСКАЧА СӨЗ

Георгий Иванович бул жерге келери менен абалы Асаке Жамгырчиевдин үйүнөн туз-даам татты. Анда ал № 53 жылкы заводунун Лахол кой чарба бөлүмүнүн башкаруучусу эле. Бул адам 1934-жылдан бери карай ушул совхоздо иштейт. Асаке — согуш ветераны. Георгий Ивановичтин келүү себебинен улам алар ат токунушту. Төр-төрлөрдү карай багыт алып бастырган эки жигиттин ортосунда алым сабак сөздөр жүрдү. Башкаруучу ат жалында орус жигитине өзү иштеп жаткан чарба туурасында баяндайт.

— Айтылуу Кара-Кужур өрөөнү ушул, — дейт Асаке, — мында 53-жылкы заводу жайлашкан. Борбордук Тянь-Шандагы алгачкы бул совхоз 1927-жылы уюштурулат. Завод аты айтып тургандай жылкы чарбасын өстүрүү максатын көздөйт. Совхоздун төрт түлүгүнүн уюткусун Гали деген ногой байынын малы түзөт. Муну жергиликтүү кыргыздар «Калыйбай» деп аташат. Ошол

Калыйбайдын жылкылары Кара-Кужур өрөөнүн бүтүндөй, Кара-Саз, Арчалы, Жылаңач жана Оорук-Там жайыттарында түмөндөп турган. Байдын малын баккандардын көбү азыр чабан. Совхоздун жумушчу күчүн байдын мурдагы жылкычылары, койчулары жана уйчулары түздү. Алар мамлекеттешкен чарбанын ээлери болуп, совхозду уюштурууга, андан аркы чыңдоо үчүн болгон түрмөктөлгөн түйшүктөргө активдүү катышышты. Большевиктер партиясынын катарына өтүшүп, өрнөк көрсөтүштү.

Тянь-Шань зонасындагы биринчи жолу уюшулган ушул совхоздун андан аркы күч-кубатын бекемдөө тууралсындагы аракеттер өз жолунан тайбады. Бирок шартка жараша кыйынчылыктар да кез келбей койгон жок. Чарбаны ойдогудай уюштурууга биринчи иретте жетекчи кадрлар жетишпеди. Мындан башка да көп кыйынчылыктар бар эле. Анын эң орчундуусу — элдин карангылыгы болучу. Айрым тап душмандар караңгы калктын башын айлантуу амалдарын издешти. Котур таштарын коюндарына катып, ичтен бөлүп-жаруу иштерин жан аябай жасады. Айрым кара ниеттердин мизи майтарылып, ар тараптан жасалган аракеттердин бир нечеси таш кабат. Жаш чарба тоскоолдуктарга муюшпады, өзүнүн объективдүү өсүш процессин уланта берди.

Чарбадагы ири кадам 1932—1934-жылдарга таандык. Бул чактары заводдо жергиликтүү кыргыз калктарын Дон, Төмөнкү Дон тукумундагылар менен үйүрдөшүп, жылдан-жылга көбөйүүнүн ичинде болду.

Элүүнчү жылдарга чейин заводдун экинчи тармагы кой чарбасы болуп эсептелет. Ал ушул Лахол бөлүмүнөн орун алат. Кой чарбасын асылдандырууга карата мында биринчи кадам 1933-жылы жасалат.

1938-жылы СССР айыл чарба Министерствосунун зоотехник-бонитору Перовская Софья Васильевна заводго прекос коюн алып келет. Муну менен кыргыздын кылчык жүндүү коюн аргындаштыруу талабын көздөйт. Прекос

кою болсо азыр асыралып жаткан кыргыздын уяң жүндүү кою сымал эт жана жүн багытында өстүрүлүүчү. Мунун тукуму оболу Францияда өстүрүлүп, анан Германияга кеңири таратылат. Биздин өлкөбүзгө 1927—1930-жылдары аны өстүрүү үчүн чечкиндүү кадам шилтенет. Профессор М. Ф. Ивановдун мыкты окуучусу, академик М. Н. Лущихиндин курсташы Софья Васильевнанын аракетинде азыраак тыянак бар. Кой жарым уяң жана жарым кылчык жүндүү болуп бурулат. Муну метис деп аташат. Бул ишке мен да бир аз аралашып калдым. Албетте, мында селекциялык иштер системалаша албады. Бага бир эсептен Улуу Ата мекендик согуш кедерги болду.

Завод Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында аябагандай зор роль ойноду. Чарба өлкөдө алаамат башталаары менен согуш фондусуна айланды.

Бир кезде Георгий Асакеге бурулуп, бул ойду айтты:

— Адамдар бул аймактын климатына абдан көнүгүшкөн экен. Тоо арасындагы турмуш буларга көңүлдүү. Табияттын ар кандай кырсыктарына түк муюбай, канча кылса да мал менен карым-катыш өскөндүк кылат белем. Мен сезип турам. Канткенде да абасы бийик, чөбү күчтүү жердин азык-түлүгү да күчтүү келет эмеспи...

— Анан эмне, Георгий Иванович, көнөсүз. Кимдер келип-кетишет. Жер адамдарга бат эле сырдана тартат. Көрдүңүзбү, биз бара жаткан төрдү Ача-Таш деп айтабыз. Чабандардын чамгарагына булут конот. Боз үйдүн түндүгүнөн арсак-арсак тоолордун чокусу көрүнөт. Үч-Булак, Бурган-Алыш, Коман-Булак, Эки-Чат төрлөрүн ат менен арытып чыгыштын өзү кыйын. Күнүнө кеминде үч-төрт өткүн шыбыргактап, төр этектерин мөндүрлөп кетет.

АСЫЛ ОЙ ПАЙДА БОЛДУ

Жигит көп конуштарда болуп, ферманын белдүү чабандары менен жүздөшүп баардашты. Мал жайыттарын

текшерүү үчүн ат жалында бир топ күн жүргөн Георгий Иванович жана Асаке экөө ат тизгинин ферманы көздөй бурушту.

— Койлордун басымдуулугу капкак куйруктуу, жарым кылчык жүндүү көрүнөт. Бул жердин шартына кыргыз койлору тубасадай сезилет. Жердин ыңгайы жылкыдан да кой малына табылгыздай экен. Майда тыпын бетегени кой малы изгектеп оттойт эмеспи. Анын оюна Асаке кошумчалап:

— Биздин кой энесинен көрпөсү менен туулат. Бат эле сак-сак болуп өсүп, суукка байымы мыкты. Мындан бир нече жыл мурун күзүндө да күрпөндөрдөн кадимкидей жүн кыркчубуз — деди.

— Асаке дейм, мына ушундай койдун тукуму кыргыздар үчүн керек. Элдин турмуш-тиричилиги үчүн мунун жүнүнөн кол өнөрчүлөрү ар кандай буюмдарды жасап, жашоолорун канааттандырып келишкен. Омуроодогу карды тээп оттошот. Эми ушундай койдун жоюлушун каалар белең?— деп Георгий Иванович оң жагына эңиштей бара жаткан калыбынча папиросун күйгүздү. Мындан ары муну бул аймакта асыроонун зарылдыгы барбы?! Кой ушундай типте асырала берсе, өнөр жайыбыздын талабына татый алабы?

Күтүүсүз мындай суроого Асаке ойлоно түштү. Аттардын басыгы эми акырындай туюлат. Сөздүн ирээтин андан ары кайрадан Георгий Иванович өзү алды:

— Этти бардык эле кой берет. Ал турсун, силердин куйруктуу койдун майлуулугу артылат. Жогорку калориалуу экенин танбайбыз.

— Ооба, тоолуктар атам замандан бери багып келе жаткан мал да.

— Жүндүчү?— деп Георгий Иванович бир саамга ойлоно калып өз суроосуна өзү жооп кайтарды,— кой болгондон кийин анын терисинде жүнү да чыгат. Ал эми кылчык жүндүү койлорубуздун баары эле түгөлү менен

жүндү ойдогудай бербейт, Асаке. Куйруктуу кылчык койдун ар биринен канчадан жүн кыркып жүрөсүздөр?

— Койдун жазгы жана күзгү жүнү бар. Кыргыздар койду жылына эки жолу кыркат. Күзгү жүндөн кийиз уютат. Анткени, ал жүн, мындайча айтканда, жакшы кирет. Георгий Иванович, муну эмнеден улам сурап жатасыз? Аттын жалын тиктеп ойлуу келе жаткан жигит мындай деди:

— Азыркы кезде өнөр жайыбызга уяң жана жарым уяң жүн керек. Кылчык жүн кырчылма болот. Ал үзүлсө, улаштыруу кыйын. Тигил жибек жүн улаштырууну жана түйүштүрүүнү мындай коёлу резинадай эле чоюлат. Ушул максатта кылчык жүндүү койду уяңы артыкча жүндүүгө айландыруу аракетинде азыр көп окумуштуулар жигердүү эмгектенип жатышат.

— Бул туурасында менин да түшүнүгүм бар, Георгий Иванович, биздин койдун адам суктанарлык чыдамкайлыгы эмне болот? Куйруктуу кой салмактуу. Муну таптакыр уяң жүндүү кылып таштасак, алаар пайдабыз кайсы, жалаң жүн дегенде этти кантебиз?

— Албетте, куйруктуу койдун чыдамы аздыр-көптүр уяң жүндүү койго өтөт. Уяң жүндүү кой бул бөксөлөргө түбөлүктүү өрүш алат деп айта албайм.

— Демек, жүнү уяң да эмес, кылчык да болбогон «суукка тоңбогон; ысыкка какталбаган» койдун жаңы тукумун чыгарууга бет алсак... Анда Сиздей практиктер өз салымын кошоор эле...

Экөөнүн пикири машташа түштү. Георгий:

— Бул маселени дагы ойлонуп көрөбүз. Институт эмне дээр экен. «Жети өлчөп, бир кез» дегендей маселени таамай коюп алсак, андай иштен майнап чыгаруу оңой,— деди.

Арадан анча өтпөдү. Маселе Кыргызстан мал чарба илим-изилдөө институтуна коюлду. Бул асыл иштин абалкы демилгечилери ушул Георгий Иванович Друженьков жана Николай Васильевич Муравьев болушат.

Кой чарбачылыгында иштегендер бул Николай Васильевичти аттын кашкасындай таанышат. Ал СССР Айыл чарба Министерствосунун зоотехниги, анан Министерствонун алдындагы жылкы заводдор боюнча Башкы башкармасынын башкы зоотехниги болуп иштейт. «Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны» дегендей ал Москвадагы зоотехникалык институтта окуп жүргөн студент кезинде эле өлкөдө биринчи жолу жасалма жол менен уруктандырууга арым таштайт. Адис Кыргызстанга командировкалап келгенде эле мындай аракетти Кочкор асыл тукум кой чарба совхозунда жүргүзүп көрүп, мунусу ойдогудай чыгат.

Н. В. Муравьев 53-жылкы заводунда болгон чакта да жаңы тукумду түзүү тууралу адистик оюн айтат. Линкольн коюн кабыл алуу мына ушундан кийин жанданат.

КОЙДУН ЖАҢЫ ТУКУМУНУН ЧЫГАРЫЛЫШЫ

Алгачкы адамдар Англиядан Советтер Союзуна карай 10 тубар койду пароход менен жөнөтүшөт. Убагы келип калгандыктан бул койлор ара жолдо беш эркек жана беш ургаачы козу тууйт. Алиги козулар бат эле тотугуп, так секирип, оюн салышып, пароходдо келе жаткандардын эрмеги болушат. Мына ушул малды чет малекеттен алып келүүгө Николай Васильевич зор жардам берет. Мал Москва областынын Киров атындагы ири совхоздо аз гана туруп, андан беш козу кочкор Фрунзеге самолет аркылуу жеткирилмекчи болот. Бирок, «Кыргызстанга жалаң уяң жүндүү кой асырашууга тийиш» деген калпыс ойдо турган окумуштуулар да чыгат. Линкольндун бул жакка келишине Советтер Союзунун Маршалы Семен Михайлович Буденныйдын жардамы тиет. Анда ал жылкы чарбасы жана жылкы заводдору боюнча башкы башкармасынын начальниги болуп иштөөчү. Бул 53-жылкы заводу да ошол тапта түз эле Москвага баш ийе турган.

Семен Михайлович малдын тукумун асылдандырууга чексиз кызыкчу. Ал — жылкынын Буденный тукумун көздөгөн адам. Ошентип, 5 кочкор мындан Кара-Кужургa чейин машина менен жеткирилет. Бул 1950-жылдын жайы эле. Келген малды аман асыроо үчүн жерди терендете казып, короого багуу уюштурулат.

Ошол мезгилде заводдун Лахол бөлүмүндө гана 8 миндей кой асыралып, бул короолор менен жайытты ээлеп турган.

Демек, мурун айткандай прекос кочкорлорун жергиликтүү кылчык жүндүү, мындайча айтканда, жайдары кою менен аргындаштыруудан алынган жарым кылчык, кийинчирээк жарым уяң жүндүүгө чалган койлорду линкольн кочкору менен аргындаштыруу саамалыгы ушинтип башталат. Жаш окумуштуулар бул изилдөө иштерин жүргүзүүдө зоотехния илиминин чыгаан даанышмандары: академик М. Ф. Иванов жана проф. П. Н. Кулешовдун классикалык методун негиз кылып алышат. Анткени, бул эми алп илимпоз өз учурунда продуктуулугу төмөн турган кылчык жүндүү кой чарбасын уяң жүндүү кой чарбасына айландырууда эт багытындагы англиялык койдун, айрыкча Линкольн коюнун зор мааниси бардыгын баалоо менен практика жүзүндө даана далилдей алышат. Павел Николаевич Кулешов революциядан мурун эле ар түрдүү тукумдагы койду аргындаштыруу боюнча эбегейсиз эмгек өтөйт. Ата мекендик зоотехник илиминин андан аркы кулачы үчүн да аябай тынчсызданат. Ал кишиден академик Иванов Михаил Федорович таалим алат. М. Ф. Иванов кроссбред жүндүү коюн негиздөөгө жана көбөйтүүгө эң биринчи умтулат. Тилекке каршы гитлердик фашизм бул максатка бөгөт болот.

Чабан Сабыр Абакиров ушул асыл тукум койду түзүүгө аттанган абалкы күндөрдү азыр сыймыктануу менен мындай эскерет: Жайлоодобуз. Азык-түлүк алганы төрдөн фермага түшүп келдим да, тегеректешип турган элди көздөй бастырдым. Линкольн кою дейт, беш козу

кочкор алып келишиптир. Көзүнөн тартып, туягының учуна чейин эле үрпөйүп жүн, муну биздин жарым кылчык жүндүү койго аргындаштырат тура!.. Бир орус жигит эле колду шилтеп, анын тарыхын баяндап жатат. Сөздөрүн чала-чарпып түшүнгөн мен эл ичинен шынаарлап туруп:

— Кимге бактырат экен?— деп сурадым.

Көрсө, кишиден киши тандап отуруп Качаганга ыйгарып жатышыптыр. Эми койлорун тажрыйбага коюуга ылайыктуу чабан керек экен. Мурун да сөз болгон го, гургандар күтүп тургандай мени жаалап калышты. Коомайлана түшкөнүмдү байкай койгон ушул эле Георгий Ивановичтин минткени эми да эсимде:

— Эгерде бул серелүү максаттын төбөсүнө чыксак, койдун жаңы тукумун сиз, биз болуп өздөштүрүп алсак эмгектин ууз үлүштөрү биринчи кезекте сиздерге ыйгарылат. Коңур үндүү, ыманы ысык, ченебегендей сылык адамдын бул сөздөрү мени «арбады».

«Ооба» — деп айтыш бир эле сөз дечи. Аптыга түштүм. Тигилер аркы-беркилерди сүйлөшүп турган чакта мен акырын өзүмдүн кудуретимди өз ичимден таразалап, бул жоопту ишке аттанып чыгууга өзүмдү өзүм беките албай жаттым. Бир аздан соң тигилип жаткан көздөргө карап:

— Болуптур, журт моюнга такса, мен тоо көтөрүүгө да даярмын — дедим.

Жаңы эле үзөнгүдөн бут чыгарып, мындан ары биз менен туздаш, даамдаш болгону жатышкан жубайлар: Георгий Иванович жана Евгения Степановалар анда кыргызчаны таптакыр түшүнүшчү эмес. Антсе да жылдызыбыз табышып, бирибиздин оюбузду бирибиз айдан ачык билиштик. «Буюрса, Качакем экөөбүз тең асыл тукум койдун авторлору болобуз го» — деген ой эми мени дүүлүктүрдү.

Орой көз чарай туруп, бул беш козу кочкорго ат койдук. Георгий тургандарга карап:

— Үчөөнү кыргызча койгула!— деди. Биз жандана түштүк. Арабыздан Качакем биринчи үн катып:

— Мен муну Жантай деп чакырып жүрөмүн. Четки турган жүнү үрпүгүйдү колу менен жансап көрсөттү. Кейпин карап туруп, экинчисин:

— Аюу!— дедим эле, тегеректеп тургандар кайрадан каткырып:

— Болуптур, өзү деле аюудай буржуйган неме экен — дешти.

— Орусча өзүңүз коюп бериңиз, жолдош Георгий Иванович.

— Тиги моюн алышып тургандардын бирөө Малыш, экинчиси Баатыр болсун. Бешинчисин кимдир бирөө Лорд — деп атады. Ушинтип, асыл тукумдун эсеп-кысап китебине бул бешөөнүн аты-жөнү абалы катталды. Ошол замат Качакем козу кочкорлорду колуна өткөрүп алып, төш таянды...

Бул козу кочкорлорду Качыкеме ыйгаруунун ылайыгы бар эле. Башкалар бакса жалаалуу малды чыгымдар кылып ташташы мүмкүн. Качакем ал тапта ветеринардык санитар болуп иштөөчү. Адамдынбы, айбандынбы, сынык-бүтүгүнө Качыкем чоң табыпчы экенин да билүүчүбүз. Зоответеринариянын профилактикасына таянбаса, деңиз жээгинен алынып келинген бул малдан чын эле кол жуун калышмак.

Куутка даярдык көрдүк. Жыл маалына жете электе эле алиги үрпүгүй козу кочкорлордон урук алып калууга ашыктык. Негизи, Англияда деңиз жээгинде өстүрүлүп, назик жаныбар биздин бийик тоолуу климатка анча байыр ала элек да. «Өлүп калабы» деп корктук. Адепки жылы алынган төлдүн ырайын көрүп, делдейе түштүк Туулган козулардын көбү аксак-тескек, сокур, чала жан. Айтор көбүнөн кол жуудук. Беш кочкордун бирөө да чыгашага кетти. Ишти муну менен тып токтотуп коюу бир да бирөөбүздүн оюбузга түшпөптүр. Кайра тигил адамдардан дегендерин жаземдебей угуп, так аткарууга ум-

тулдук. Ушинтип жатып жылдын серпилгенин байкабаппыз. Бул тукумду мыкты тааныш үчүн мен кулакты көп түрөм. Жекече баамдайм, окуй коём. Козулардын туулушу баштагыдай эмес, бара-бара тукум куучулук өзгөрүүдө. Эми үмүт бизди ишенимдүү жетелеп, сергек сезимден жана чечкиндүүлүктөн жанбадык. Түйшүк болсо улам барган сайын түрмөктөлдү. Селекциялык иштерди кылдат жүргүзүүгө багыт кеңейди. Колумда таяк, коюнда бир блокнотум такай жүрөт. Ондогон жылдардан бери бир ишке багыт алып аттанган, мал багуудагы татаал бороон-чапкындарды жиреп, ашылбаган ашууну ашып, кечилбеген сууну кечип, сыноолордун оор белестеринен өткөн кайраткер, албан азаматтардын бири Сабыр Абакиров экенин журт баамдап, моюнга ушундай татаал, ары оор, бир эсептен ардактуу милдеттерди таккан болучу.

Ошентип, беш козу кочкор, тигинтип, бир кишинин колун байлады. Муну Линкольн деп айтышат. Аялуу мал экени билинди. Бул кайсы жагы менен бизге жакмакчы. Баарынан да башкаруучу катары Асакенин назары айрыкча түшөт. Анткени, бул кочкорлорго ак жайда да жем керек. Аштоонун жанынан карыш чыгышпайт. Жаткан жайы жайлуу, жумшак болбосо илимпоздор эмне дейт. Өлүп калсачы?.. Башкаруучу иштин ошол жагын ойлойт. Башкаруучу менен чабан Георгийдин оозунан чыкканын лам дешпейт. Күндө бир маал кочкорлорду имерчиктейт, көрүп кетпесе, өзү да ыраазы эмес. Бир немеси унуттай. Аргындаштыруунун максатын айдан-ачык түшүнүп турса да, чала-чарпыты бардай, өзүн коомай сезет. Жолуккан жерден:

— Георгий Иванович дейм, бул козу кочкорлорунду ак саргылдын балапанындай эле бөпөлөп жатабыз. Аягы кандай болоор экен. Акыбет кайтабы, же?..

— Сөзсүз, буюрса деш керек. Ал күн да алыс эмес, Асаке.

— Баса, ушул Линкольн коюнун өзгөчөлүктөрүн даана билгим келип жатат. Сиз тагыраак түшүндүрүп койсоңуз? Менден чабандар сурайт экен.

— Бул силердин куйруктуу кой сыяктуу жүнү жалтырап, бир текши чала уяң келген, узун жүндүү кой. Атам замандан бери асыралып келе жатат. Тукум куучулук касиетин өзүнүн тукумуна толук өткөрүп бере алат. Тукумдун байыртан бери ата мекени Англия өлкөсү эмеспи. Бул өстүрүлгөн жайдын климаты жакшы. Кыш деген оозуңуздан айлансын. Мемиреп эле жай болуп турат.

— Ооба, деңиз деңгээли ошондой турбайбы?

— Анан, Асаке, алардын малы колдон жем-чөп берилип жыл бою жайытта багылат... Дүйнөдөгү ири кой ушул Линкольн.

— Демек, алардын башкаруучулары чөп даярдатпайт тура. Экөө күлдү.

— Ошол өз жеринде салмагы кандай болду экен?

— Тирүү салмагы 190 килограммга жеткенин өзүм көргөмүн.

— Баракелде!

— Орточосу 90—120 килограмм тим эле чыгат. Жүнү эң эле ичке келет. Жүнү бардык жеринде текши өсүп, узундугу 25—30 сантиметрге дейре жетет. Козулары бат чоңоёт. Узун болгондон кийин жүнү көп көрүнөт, таразага оор отурат. Жүнүнүн сапаты мыкты. Бизче айтканда жалтырак жибек жүн берет. Муну зоотехникалык тилде кроссбред деп атайт. Шашпа жолдош, бара-бара көрөбүз. Ата, а, муну союздун бардык койлоруна жайса болоор эле. Шартыбыз туура келбей жатпайбы!..

ЧАБАНДЫН АРАКЕТИ

Калыбайдын малы мамлекеттешкенден кийин жергиликтүү калк ушул заводго кошулду. Сабырдын ата-энеси алгачкылардан болуп бир короо койду карамагына өт-

көрүп алып, ата конушунда калды. Чигит чаап, ак чөлмөк ыргытып, чыйрак өскөн бала чымылдап чуркап, ойкырдагы малды эртели-кеч ийикче имерет. Ата-энесинин колуна-кол, бутуна-бут болууга жарады.

Сабырдын эмгек китепчесинде «1935-жылдан бери малчы» деген жазуу бар. Боз улан Сабыр Арчалы, Жыланач, Кара-Каман, Кара-Саздын адыр-белестеринде кой кайтарып келди.

Улуу Ата мекендик согуштун күндөрүндө да бул кесиптен карыш узабады. Анда да кой малын төл эсебинен өстүрүп, фронтко майлуу эт, арбын жүн өндүрүү талабын аткарды.

1960-жылы Сабырдын тажрыйба короосу эрте жаздагы туутка коюлат. Бул биринчи саамалык эле. 543 койдун ар жүзүнөн 114төн козу алууга жетишти. Жүн кыркып берүү жагынан болсо, алган милдеттенмесинен ашып түштү. Ар бир кой башына 4,2 килограммдан жүн айланды. Кара-Кужур өрөөнүнүн шартында мындай көрсөткүч купулга аябай толду. Натыйжада чабан областтык Совётке депутаттыкка шайланды. Мындай ишеним дымагы чабанга мындан аркы иштери үчүн шыкат болду. Аракети арбып андан берки эмгек көрсөткүчтөрү жогорулады.

...Ооба! Илебинен «нан бышып» турган чабан анда Туура-Суу кыштоосунда. Тупа-туура он жыл ушул кашарга мекендеп, ал Сабыр-Кашар аталып калган. Бул аймакта мындан башка да үч жерде туут кампаниясы жүрүп жаткан. Бардык иш көндүм. Чабан эч кимге айтпырбай, адистерди да баш бактырбай, кашарды туутка даярдап кирди. Сакмалга келген адамдарды иш-процесстерине өзү бөлүштүрдү. Кыштакка барып, башкаруучу-адистерден унаа алып, тоютту келинчеги Күлүсүн экөө арыдан-бери түшүрүшкөн. Козу кезинен илимдин максатында тажрыйбага коюлуп, такай бир колго ык алып, асыралган малды чабан тоюттандыруу эрежелеринен жаземдебейт. Ансыз бир топ жылдын ичиндеги байкоо машакаты натыйжа бербес...

Адаттагыдай дубалга сүйөнө отурган чабан сырты майланышып кирдеп бүткөн блокнотун ачып, карандашынын учун сороктото, «Карамагымда 558 баш элита классындагы кой бар. 47 тонна чөп алыпмын. Күнүнө бир кой жарым килограммдан чөп жеди дейли. Бир күндө эки жарым центнерден ашуун чөп чыгымдалса, чабан үйүлгөн чөптү карап, эсебинде да, көз өлчөм менен да быйыл «жетет тура» деген жыйынтыкка келди. Кыш бою түшүргөнүм он бир тонна 15 центнер жем экен. Ар бир койго 200 граммдан эле эсептесем, эми дагы фермадан алты тонна жем аласамын. Азырынча жетишет. Жаз катык болсо, мунун жарымын алайын. Болбосо... тоюттун күчүнө салып да, мал багуу керекпи... Аз чыгымдап, арбын продукция өндүрүүгө шаани бар экенин чабан эсептеп, кымылдап ордунан копшолду, Бул чакта күн Түз-Ашууга аркан бою калган эле...

Төл маалында Сабыкемди жолуктурганыбыз али эсимде.

— Кандайын сурайсыздар, минтип ар бир козунун тагдыры менен алпурушуп отурган кез,— деп абалды сураша кеткенибизде Сабыр,— энеси кара желин каапыр экен, жаа бою секирип, өз баласын өзү жерип, эртеден бери... Энеси жайытта туун таштаптыр. Кашарга жеткиче бир топ убакыт өтүп, үрпүн саап таштап, эне сүтүн оозандырууну сакманчы бала билбейт. Анын үстүнө кара желин кой, өз козусуна ийсинбейт.

Эгер башка койго телип албаса, бул козуга түйнөк дарты илээшмекчи.

Дарт дайынын чабандан сурадык.

— Түйнөк көбүнчө уузга тойбой, же такыр эле эмчек эмбей калуудан. Ууз козунун туңгагын сүрүп чыгарат, анын ичегисин кыймылга келтирүүчү заттар жаңы уузда.

— Коёндун бөжөгүндөй окшош козулардын ичинен мунун түйнөк болоорун кантип билдиңиз?

— Билинбей коёбу, үйүр албаган көзгө ошондой да, а мен үчүн бардык нерсе көзгө үйүр, көнүмүш, айрыкча, дартка чалдыкчу жагын көзөмөлдөйм.

Чабан ошол күнү бизге мына муну баяндады: Кечээ кечте бир козу түйнөк болду. Мен торчолорду кыдырып бара жатсам, козу жата калып ыйынат. Тык токтоп карасам, ооналактай баштады. Сакманчыны дароо чакырдым да, муну көрсөтүп туруп, «Билесизби, эмне болуп жатат?» — дедим.

— Жок,— деди ал элендеп.

— Түйнөк! Муну кандай дарылоону сизге үйрөтөйүн. Мен түйнөк эмнеден болоорун түшүндүрүп жаттым. Ушул учурда ыкчам сууга самындан эзип, балыктын майынан кошуп туруп, козуга арыдан-бери клизма жасадым. Сакманчы бала көзүн айырбай карап «Эгер чыгашага учуратсам, козуну ачка кылып таштап, түйнөк кылып өлтүрдүң деп жемелешет го,— дегендей чочулап да турду. Ал козу бүгүн так секирип ойноп жүрөт.

Чабан телиген алиги козу куйругун эпилдете элеп, энеси ийисе, оозунан ак көбүк буртулдатып ээмп жатты...

Жаш организм өтө назик го! Ошо назик организмди бөпөлөп асыроонун өзү мындан да кылдат. Суук темнип, алты ай даана кыш катары сезилген биздин алкакта ушул алынып жаткан төлдөрдү телчитип, аман асырап калуу аракетине кандай кайрат-күчтөр зарпталат дейсиз?!

Сабыкем айткандай, коркунучтуу милдеттердин бири — жаш козулардын чычкагы. Мындай ылаң жаш организмдин эсин оодарып кетет. Буга суук капшаптайт. Муну ар бир чабан беш колдой билээр кез келди. Жеринен буга кам көрүү зарыл. Кой субай кезде түзүк багып, анан тууруна жакын витаминдүү, минералдык тоюттар жетиштүү берилсе,— анда козу чыйрак түшөт. Муну ар кандай илдеттерге ашкере кылбай асырап алуу жеңил...

Козулардын тумчугуп калышы болот. Кара жамаа деген дарт төлдү аралап кетсе, даарып кеткендей, өтө жу-

гуштуу. Ал эми жүндүн жумурга кептелип, тоголоктошуп калышычы... Тажрыйбалуу, чабан мындай кокустуктарга алдын-ала жол бербейт.

Чөптү кардыга сугунуп, каргылдана маарап, балага мекиренип, жүнү үрпүгүй койлор жайылып жүрдү. Кашар айланасында эңиштей дыр берип, талаа коёндорундай так секирген козулар көрүнөт. Кызыл байрак те-е алыстан желбирейт, анда чабандын милдеттенмеси жазылыптыр: «Мен, Сабыр Абакиров, улуу Октябрдын 40 жылдыгына карата карамагымдагы койдун ар жүзүнөн 130дан козу, ар бир койдон 3,8 килограммдан жибек жүн кыркып алуу менен чабан Турганбай Абдыгазиевди өз ара социалисттик жарышка чакырамын». Кол жеткен жеңиш чек эмес экен. Ал ошол жылы татаал шартка карабай койдун ар жүзүнөн 137ден төл, ар бир койдон 4 килограммдан жүн алып берүүгө жетиштн.

Станциянын башкы экономисти Жукенов Рыспек мындай дейт: «1957-жылдын 1-январына эсептегенде 560 койду составы үч кишиден турган чабандык бригада асырап, ар бир койдун тирүүлөй салмагын 58 килограммдан этке төгүштү. Эмгек акыга, желген тоютка, колдонулган ар кандай инвентарларга жана сакмалдарга кеткен бүтүндөй чыгымдарды чыгарып эсептегенде Сабыр Абакировдун короосунан чарба үчүн 12161 сом 37 тыйын накталай киреше түштү.

Сабыр тууралу станциянын белдүү чабандарынын бири Мүдүнов Карымшак мындайча эскерет: «Өзүмдүн короомо дагы эки жүздөй кой айдап келүүгө башка оторго аттанып калдым. Жаныбызда чабандардан ушул Сабыр да бар. Мен семизинен, жүнү тегизинен тандоого далбас уруп жатсам, Сабыр унчугуп:

— Карымшак, сен малды этине караба, арыгы семирет. Аны коюп башы кичине, шиш эмчек койлорду карагын? — деди. Мен суроолуу карадым. Анда Сабыр:

— Мындай кой эгизчил жана сүттүү келет... Сабырдын ушул сөзүн мен жадымда бекем кармадым... Мындай койдун үрпү мыкты экенине кийин толук ишендим».

Жубайлар-окумуштуулар Георгий Иванович Друженьков, Евгения Степановна Друженькова: «Сабыр айтканды гана аткарган эмгек азаматы эмес, табигый маданияты келишкен адам экенин билдик. Тажрыйбага коюлган койду селекциялык, уруктандыруу, тоюттандыруу жагдайынан чабан кенедей эле кылтык келтирсе, жаңы тукумду жаратуудагы баарыбыздын аракет сая кетмек. Сабырдын жекече идреги, кандим тажрыйбасына ишенебиз. Демек, жөнөкөй чабандыктан тажрыйба жүргүзүүнүн чордонун түзгөн, бөлүмгө башкаруучу болгон сырдана Сабырга мындан ары да ишеним зор» — деп айтышкан болучу.

КАЧАГАН КАРЫЯНЫН АҢГЕМЕСИ

Күндөр өз нугу менен өтө берди. Адамзатка күтүүсүз шыбаганы тартуулаган күрөш дүйнөсү улам жаңы учурдун чукул милдеттерин тартуулады.

Кыргыздын асыл тукум коюн жаратуудагы өз салымы жөнүндө Качаган Жамгырчиев мындай баяндайт:

— 1950-жыл. Бетеге булуң жер үстүн көрпөлөп бүрдөп, кең өрөөн толукшуган маал. Күчкө толуп чатырап, төрт түлүк үчүн өз шыбагасын кенен чачкан кадимки жай айы үрпүгүй козу кочкорду бактыруу үчүн киши-ден-киши тандашты. Топтошуп тургандардын арасынан:

— Кой, эки жакка чарпылбайлы, өткөрө турган кишини таптык. Тажрыйбасы каныk, көзү жетик, колу тетик мына бул турган Качакем ылайык,— деди. Бул сөздү адеп укканымда мен коомайсыздана түштүм. Тиги үрпүйүп турган койлорду ыйык сездим да:

— Өзүңөр эле билгилечи, балдарым, зыян кылып алып, жалаасына калбайын, дедим.

— Антпеңиз аксакал, эл да сиздин колуңуздан бирденке келээрин сезип жатышса керек. Мындай адил сөздү менден кийин Сабырга да багыштап калышты.

— Болду, болду, бул киши ымандай сырын айтып жатат. Коңур киши тура. Айтканында калет жок. Бул адам атайын бел байлап, бизде иштегени келиптир. Сизди жактырып жатпайбы! Койдун жаңы тукумун негиздөөчүлөрдүн бири Качакем деп турсак жаман эместир.

— Тартынчыктабай ала бериңиз, жарыктык!

Элдин сүрөмөсүнө туруштук бере албоочудаймын.

— Каап, байбичем менен бир ооз акылдашып көрсөм болот эле...

Алар бул кочкорлорду тоюттандыруу жолдорун жобурап айтып беришти. Элдик үмүттүн кутусуна ээ болдум го,— деп беш жылдыкты алдыма салып, төш таяндым...

Биздин жайлап жана кыштап жаткан жерибиз — касиеттүү Кара-Кужур өрөөнү. Бул деңиз деңгээлинен 2700-3000 метр бийик турат. Мал жайыла турган Солтон-Сары, Тармал-Тор, Коңур-Өлөң деген жерлер андан да бийиктик кылат. Климаты өзгөрмөлүү, кышы эрте түшүп, жазы кеч башталат. Абанын көп жылдык орточо температурасы 0,9, ал эми жылдык жаан-чачындуулугу орточо эсеп менен алганда 365 мм. келет. Биз мал жайган сырттын адырлары — түмөндөгөн төрт түлүк үчүн тоюттун түгөнгүз гүл азыгы. Кыш айларында кар анча түшпөйт. Бирок, кара суугу кабарып, мал-жандын денесине таш батырат. Көпчүлүк жылдары кышында ала тилек кар жатат. Ошондуктан жеринин бети жаз айларында катыңкы сыяктанат. Түзөң жерлерине жапыс бетеге, өзөн жээктеринде кара кыяк, саздак жерлерине өлөң чөп өсөт. Мал жайылтуучу төрлөр дүйүм чөптөргө, түрдүү түздөгү гүлдөргө бай. Өрөөндүн чөбү континенталдуу климатка жараша кеч жетилет. Бир тал чөп ичегиге ошол боюнча сиңет. Демек, аш болумдуулугу артылган кез — август, сентябрь айлары. Ошол учурда мал нык семирет. Мына



Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын кочкор багуучусу — К. Жамгырчиев

ушундай климаттык шарттары оор мал киндиктүү өрөөндө жүн жана эт багытындагы койдун жаңы тукумун өстүрүп чыгаруу милдетин биз мыкты түшүндүк. Ошентип, бул зор максатты жүзөгө ашыруу үчүн кызуу кириштик.

Күн өтүп жатты... Кочкорлор мага үйүр ала башташты. Бассам-турсам ээрчип, бала-бакыранын колунан та-

мак талашып жейт. Аларды жем, туз, жымык берүүдө бая койгон аты менен:

— Аюу!

— Баатыр!

— Жантай!.. деп чакырсам, тээ, э, үн жеткен жерден желип келишет.

Аргындаштыруудан алынган биринчи муундагы аргын койлордун өз ичинен кочкор коюп, муну бир топко багып, бешинчи муундагы аргын козулар алынганга чейин тигил даана Линкольн кочкорлорунун уругун жасалма жол менен уруктандыруу улантыла берди. Ошончо муунга чейинки өтө жолдо кочкорлордун саны менен бирге сапаты өстү... Мындай тукум куучулдугу али канында бар, сырткы турпатында баамдалган кочкорлор өзүнчө жашы боюнча башка чабандарга өткөрүлүп турулду. Асыл тукум кочкорлорун өстүрүп, анын продуктуулугун көтөрүүдө менин кесиптештерим, кочкор багуучу карылар: Арпачиев Токтоналынын жана Ажыбеков Сармашанын сиңирген эмгеги өтө зор эле. Булар ар бир кочкордон 10—12 килограммдан жүн кыркып беришип, бир нече курдай айыл чарбасынын Бүткүл союздук көргөзмөсүнүн күмүш, коло медалдарын жана дипломдорун, Жогорку Советтин Ардак грамоталарын жана бир нече жолу баалуу сыйлыктарды алууга татыктуу болушту.

Менин кочкорлорум мурун өзүңөр билесиздер бешөө эле. Бир жылдан кийин 25ке, анан 40ка, кийин 95ке жетти. Булардан адам суктанарлык жүн кыркылып алынып турулду.

Куут кочкор баккандар иштин жайын мыкты түшүнүшөт. Аларды багуу чынында эле аябай оор, такыба. Мен да бир ишти бет алууда таптакыр тынчы кеткен адаммын. Жайдыр-кыштыр дебей жем, жымык, туз... айтор, эки күндүн биринде ферманы карай чапкылоо адатына айланып калды. Аларды жайытка чыгаруунун да, откоруунун да сыры терең. Жарды жээктей каалгып жайып отуруп, чалчыктын туу кырына жеткирем да, бир аз ба-

йыр алдырамын. Ал жерге ар күнү таң эртенден чыкчумун. Төрт мезгилде тең жону ачылбаган семиз кочкорлор дүйүм чөптөрдү моокуму канганча кертилдетет. Анан бири-бири менен ойношот. Зөөкүрсүнүп качырышып келип, эрегишип, карсылдаша сүзүшөт. Алардын эркине койбой откозуп, улам кырды-кырдай салкындатып жайып жүрдүм.

Биздин айылда да бар, кара жанды карч урбай, коюн суу бойлотуп коёт. Өзү өйүз-бөйүзгө чапкылап, аласа-бересесин бүтүргүчө жарыктык, кой солуп, бир жерге үймөлөктөп жуушап тура берет. Бул мал багууга албетте, жатпайт. Айтса жалаң гана жем, жымык койду семиртпейт. Түрдүү чөптөрдү оттосо, ошончо аш болумдуулугу артылат. Мал семирген сайын оттогусу келет. Саздак, суулуу жерлердин чөбүнө караганда жондун оту ширелүү. Койду шакмарлатпайт. Туу жонду, бөксө тоолорду, алыскы кумайды сүйөм, эңсейм. Эми өрүүбүз калып, жазмыштын буйругун көрүп, карып калдык... Анткен сайын оюм да бир жерде жатпайт. Киргилсиз тунук асманда собологон куштай менин да кыялым тээ-э алысты, алда кайда, чексиз тарапты көздөй жортуулдайт. Учкул кыял кайда болсо кете берет да, жаңы тилек көкүрөгүмдөн терең конуш алат. «Жаңы тукумду негиздөөчүлөрдүн бири деген кубаттуу сөздү уксам»,— деп өз ичимден тымызын мың мертебе купуялайм, өзүнчө кымылдан коём.

Ар күн сайын кочкорлордун жанынан карыш жылбайм. Алдын тозоттойм. Көк чөп баштарын бийлеткен кечки керимсел желге сакал-мурутумду аймалатам...

Кочкор багып, эл арасында кеңири билине баштаган мендейлер үчүн куут кампаниясын жүргүзүү учурунда бел чечүү жок. Ал менин экинчи жооптуу мезгилим болоор эле. Георгий менен Евгения да бул мезгилде жанымдан карыш чыгуучу эмес. Түнкүсүн бир аз тук этип, тандалган кочкорлорумду бөлүп алып, тебетейди баса кийип, куут пунктун көздөй жөнөтчүмүн. Чынында жашоонун кумары мына ушул эмеспи. Картайсак да ушул

иштн аркалап кажыбай нечен жолу жарым түндө кеч күздүн кара шамалын жиреп мына эми Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты болуп отурамын.

...Куут жазы башталган күн болсо керек.

Тигилердин жанына басып бардым да, деги кандай дегендей экөөнү тигиле карадым. Бул ойду дароо түшүнө койгон Георгий Иванович техник-осеменатор жигитке орусча бирдеме деди да, анан мыйыгынан күлүштү. Бир аздан кийин алиги жигит штативдүү микроскоптон көзүн албай туруп:

— Георгий Иванович, кочкорлорунуздун уругу таптакыр жараксыз,— деп катуу күнк этти. Менин денем чымырай түштү, көпкө селдее катып калдым да:

— Түшүнбөй жатам, кайра айтчы, уулум? — дедим. Экөө кайрадан каткыра күлүп калышты.

«Багуусу жарашып турган кочкорду кайсы кара балакет басты» деген ой жорутту. Анчыча техник-осеменатор жигит:

— Жаракту, сиз кантээр экен деп тамашалап жатабыз. Жогорку сапатта экен. Тоют рационун туура колдонгонсуз.

— Ылайым ошондой эле болсун! Малыш менен Баатырдын уругун текшерип көрөлүчү.

Ишим оңунан чыкканга шашкалактай түшүпмүн. Тебетейимди алып, мандай теримди сүрттүм.

— Текшерилет, текшерилет. Алар урукту арбын бере турган сырдана кочкорлор эмеспи,— деди Георгий Иванович. Кыскасы, ушинтип, куут бүткөнчө жан жай албай чабагандай берүүчүмүн.

САБЫР-КЫЯ

...Сабыр адаттагыдай атын эртелеп токунган. Сыр аяктагы мелт-калт айранды алып жатып:

— Чай-чамек түгөнө элекпи, байбиче? — деди.

— Хуторго барганы калдыңбы? (Совхоздун бөлүмдөрүн «хутор» дешет эмеспи).

— Ооба, жыйналыш болот дейт.

— Үч-төрт койдун жүнү бар эле, бүгүн күн ачыкта уютуп алайын дедим эле... Кап?! — деди Күлүсүн өкүнүчтө калып.

— Жүн-мүнүндү ары кой, жайытым талоонго түшүп жатат. Мен да кызыл чеке болушайын. Тажрыйбага коюлган койлор жей турган өтөктөн тамтык калбай калды...

— Ким менен, ботом? — Күлүсүн бошогон сыр аякты кармап туруп, кайра да сурады.

— Асыпбек менен, кара мурут Ишен менен.

— Акылды таапсың, кошуналарың менен кармашып жүрсөң жакшы аттуу болоорсуң. От алышабызбы?!

Эмне экен, коңшу-коңшулук жолу менен, бир чөөгүн чайды чакырышып ичүү, бул да өз жолу менен. Өз малыма күйүп-бышып жатсам бир жөн, өкмөттүн байлыгы үчүн, тажрыйбага коюлган мал үчүн жантерим келип жүрөт ушуларга!

Сабыр анткени менен ичтеринен бири-бирин кастарлашат. Баары эле сырдана чабандар. Бирин-бири билишет. Муну Күлүсүн да түшүнөт. Күлүсүн — Сабырдын тепкедей кезде баш кошкон жары. Үйдө мындан башка үч бүлө болгондуктан, экөө бир чоң короого эгедер. Сабырдын атак-даңкына Күлүсүн эже да ортоктош. Короо ичиндеги түйшүктөрдү тейлеш, келди-кеттилерди кабак-кашым дебей узатууда салтты-наркты ченебей сактаган аял. Анын да портрети Сабыкем менен катарлаш станциянын Ардак тактасында орун алып келген.

Кой артынан Күлүсүн чыкты. Сабыр адими кийинди да, торуну минди. Жамаатташ жайлаган төрт чабан хуторду көздөй келе жатышат. Ортодо менчик торусунун үстүндө Сабыкем. Аттар желе-жорткон сайын үстүндөгүлөр эңкейиште өбөктөй калышып, ооздон чыккан кепти даана угууга ыкташып, кулактарын төшөйт.



Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын башкаруучусу — С. Абакиров

Ара жолдо ар кандай сөздөрдүн башы чарпылды. Кадик чабан эмеспи Сабыр иштин жагдайына карап минтет:

— Бөксөлөрдүн оттору суюлуп бара жатат. Малдын семириши байкашымча быйыл кечендеп... Мал түндөсү жайылып кетүүдө. Араларыбыздан айрым чабандар

малды-малдай бакпай атпайбы. Эртең менен кой өзү короодон түрүлүп, кечинде тосуп алышкан жолдоштор да бар.

— Мына бул Төлөбекти ким мал бакты дейт. Өтө ыктоо жигит экен. Ыңгырап туруп, атынын тушоосун чечип токунганча, койлору тим эле жайытты карай шуулдайт. Бир багыт менен дайым ушинтип күргүштөп айдап жүрүп жатып, жайыттын ашмалдасы чыкты, жердин кунарын учурду. Мына ушул жаман. Мындайын айтышыбыз керек. Мен Төлөбекке нечен курдай эскерттим. «Алдын тозотто, Төкө, кечинде короого багыттаганда өзүң малдын алдына түшкүн, тойгон малды оюн салдыра көрбө» деп. Айтканың кулагынан кайкып гана кеткен экен. Азыр Туура-Суу төрүндө короо көп. Алты короо кой бар. Жарыктык койдун туягы ачакей, өтө курч, чөптүн тамырын соолутуп, күзгө жуук жайытты тим эле кырмандай такырайтып таштайт. Ошондуктан Төлөбектин, Сапаралынын жана Ишеналынын конушуна кийин таптакыр эле чөп чыкпай калаар бекен деп корком!

Сабырдын сөзү омоктуу чыккандыктан калгандары лам дебеди, кайра кулак кагышты.

— Төлөбек менен Ишеналылар тетиги кумайды шыкай барып конуш керек эле. Тээ-э «Көчөрбай теке атканга» чейин аябай от, тиш тие элек. Мына бир аздан кийин чөп катат. Төрлөр сууктайт. Мал-жан байырлабай, жакага умтулат. Менин жазгы жайытым минтип кайрадан жакшы көрпөлөй баштаганда Ишеналы баатыр этектей келип конуп отуруп алды. Күздө эмнени жейм. Анын үстүнө тажрыйбага коюлган малга баарыбыз маани берүүбүз керек. Бөлүмдүн башкаруучусу-адистери буларды да кармап, келишип кетүүчүлүктө мамиле кылып жатышат...

Андан аркы ат жалындагы сөз кызый мал кыштатууга создукту.

— Жээк кыштоосундагы Кызыл-Сазды эле жыл сайын эрте түшүп келип кажыйбыз. Бул жазга жуук устара

менен кыргандай такыраят. Себеби, өлөң чөпкө мал байырдуу, курсактары деле ырас кампаят. Деген менен койдун муунун алат. Төр оттогон кой этинен бат түшөт экен. Деги тоо чөбүнө жетеби. Мен эмне үчүн кыштай тоодон түшпөйм. Тоо бозоту аш болумдуу, малдын этин бир калыпта кармайт, кой жайытты тээп оттоого көнөт... Чабандар бул жагын эске алуу керек — дейт Сабыр.

...Жыйын тараары менен бул төрдөгү малчыларга бир автомашина бөлүндү. Ал чабандарга азык-түлүк, малга туз жеткирмекчи. Ат токуп, төө комдоп, кезмек менен атайын төрдөн түшүп келүүчү малчыларга мындай камкордук көрүү малчыларды аябай кубантты. Сабырдын чабандык бригадасына деп магазинден алынган унду, чай-чамекти туз арткан машинага жүктөштү. Мезгил толукшуп, ой-тоонун ыраңы жашыл кочкул тартып, чөп бышып, күчүнө киргенде мал жарыктык майына-май кошуп тузсурайт. Ушул жаңыдан негизделип жаткан тукумга туз түтпөйт экен. Сабыкендин атын коңшулаш чабан Асыпбек жетеледи. Машинанын кабинасына Сабыр түштү.

...Газды озондото баскан шофер өр таянган ат жолунун нугунда баратты. Суу ысып чыкты. Сылай артынган машинага, албетте, бул кыйынчылык дечи. Тар жол, тайгак жантайманын неченинен өттү. Тоо суусунан кечип, беш метрче жылбай, машина тык токтоду. Алдыда найза бойлогуз жалама жар, артта шар суу, тектирчеде бир короолук жай, анда чатырлуу боз үй. Бул конуш Сабырдыкы.

Чабан кабинадан түштү. Ал адаттагыдай жолдун нугун баамдады. Кайра ыкчамдай келип, шоферду кенешке чакырды.

— Кана баатыр, эмне кылышыбыз керек?

— Сиздин эмне жасаарыңызды кайдан билем, менин ишим машинанын көчүгүн кургак жайга такайм да, үстүндөгүсүн түшүрүп, кайра тартмай. Ушундай да болобу, мен мындай жолду билсем, анда алтын-күмүш берсеңер

да, же башымды кыя кессеңер да келбес элем. Татаал жолду минтип өлө-тала басып, ачуусун ичине эптеп катып келген ал бакылдап жатты.

— Азыр тузуңузду түшүрүп алыңыз? Мен кайрылам мын!— Мындайда жаакташуудан пайда чыкпасын билген чабан аны аста-аста жоошутмакчы болуп:

— Кап ай ээ, машина мыкты келе жатып... Бул машинаңа чынында кубанса болот... Жакшы келдик. Өйдөылдый адамды чарчатат. Биздин жол катнашыбыз ушундай. Тузду бул жерге ыргытсак, аябай коромжу болот, иним. Шофер папирос түтөтө кетти. Сабыр:

— Мына бул жар жайлоого көчкөндөрдүн, ары-бери өткөндөрдүн көкөйүнө көк талкандай тийчү болду. Мунун этегин өңүп, жазылап казып, аркы бел баскакка жеткирсе, жол кеңейет эле. Эсен болсок бул кечмеликтен нечен курдай кечмейибиз-өтмөйүбүз бар.

— Коюңузчу ой, бул жалама жарды кесип, даңгыр жол салганча, менин кара чачым агарат.

Сабыр шофердун оюна койбоду. Мончоктой тунук тузду ай талаага төгүүнү кантип ыраа көрөт. Шофер кузовага кыйыла көтөрүлдү да:

— Мына күрөк, кайдагы түйшүктү өзүңөргө үйгөн адам экенсиз.

— Мен муну алеки заматта эле... Ага чейин сен машинаңдын чикирттеген жери болсо кармалай тур, — деди Сабыр. Каруу-күчү чытырап, денесине араң сыйган кабелтең чабан чечинип, карууга чейин түрүндү. Кечмеликтен өткөн машина, араба же трактор болобу жарга такалбай элпек чыга тургандай жол салып кирди. Ал кыяча бир топ метрге созулду. Төрт дөңгөлөгү батып, машина конушка элпек чыкты.

— Бир тынчы жок адам экенсиз да.

— Ар кандай иште чыдамдуулук, сабырдуулук керек, иним.

Азыр барсаңыздар, ал жол даңгыр. Муну журтчулук ошондон бери Сабыр-Кыя деп аташат.

ТУКУМДУН ЖАРАЛЫШЫ

...Жазгы тууттун башталышын изилдөө иштерин колго алышкан адистер менен чабандар чыдамсыздык менен күтүштү. Алардын чыдамын кыстап, кызыктырган, айрыкча, илимий байкоодо көз алдыда турган 72 токтунун болочок төлү болду. Мунун түрүн байкаган Георгий Иванович жубайына бурулуп:

— Өз көзүңүз менен дааналап көрүңүзчү, мага белгилүү бурулуш байкалгансыйт.


— Кийин көрөбүз, баары төлдөп бүтсүн. Азыр анча ашыгуунун кажаты жок,— деди Евгения. Анда Сабыр тигилердин орусча сүйлөшүп жаткан сөзүн боолголоп мындай деди:

— Жергиликтүү кой бышык келет, тукум куучулугу узак процесс, Георгий Иванович.

— Козулардын теңинин жүнү бир аз жарым уяңга бурулуп берсе, деди коңур үндүү Георгий Иванович.

Туулуп жаткан козулардын жүндөрү бир аз жылбызгы келип, жүнү тирик, чымырлыгы байкалды. Арийне, бул жакшы жышаана.

— Азыр койдун эттүүлүгүнө, терисине жана өсүшүнө да көңүл бөлөбүз. Бирок, биринчи иретте, жүнү кыйышса?! Ошондо мал суукка байымдуу келет. Эт алып, өзүнөн-өзү салмагы артылат. Биз жүргүзүп жаткан илимий иштин маңызы мына ушинтип өлчөнөт. Уккан киши үчүн Евгения Степанованын бул пикиринин калети жоктой. Бул учурда тубар койдун чабаны Сабыр да, кочкор багуучу Качаган да, техник-уруктандыруучу, бир эсептен классировщик жана ветсанитар, кыскасы, «ферманын универсал жигити» деп аталган Укун Абылгазиев да келечекке ишенимдүү карашты. Алар жуп келишкен жубайларды жалгыз колдуу кылбай, же ача ойдо калтырбай, демине-дем, шыкатына-шыкат кошушту. Ысыкта күйүп, суукка тоңуп дегендей бардык түйшүккө ортоктош болушту.



Жаш төл.

Алар өз ара мындай сүйлөшөт:

— Мурунку жылдарга салыштырганда козулары ирдүүбү?

— Анан эмне, баягыдай мажүрө туулбай тың. Анчамынча суукту тоготушпайт. Бул жердин шартына мына ушундай тукум өстүрүлөт.

— Булар кийин эле узун куйрук болуп калат.

— Куйругунун анча узун болушу биздин милдет эмес. Эмитен куйруктарын кесип таштаса да болот. Тукумдук бара-бара чакан куйруктуу, куймулчактуу кой болушу негизги шарт.

Илимий иштин түйшүгү улам барган сайын арбыды, оордой берди. Жаңы туулган козулардын ар биринин кулагына бирка тагылат, номер жазылат. Ал белги боюнча өсүшүн апта сайын, ай сайын журналга катталып

турулат. Берилүүчү рациону так өлчөнөт. Иш муну менен токтобойт. Малдын төлүнүн сапатын билүү керек. Анан кийинки, соңку жылдары... Кыскасы, кой беш-алты туутту өткөргүчө талдап жана жалпылап байкоо жүргүзүү талап кылынат.

Андыктан бонитировка өз убагында жүргүзүлүп, ар бир койду классы боюнча жасалма жол менен уруктандыруу өз деңгээлинде жүрдү. Ал эми тукумду өздөштүрүүдөгү негизги максат: жүндүн сапаты, апталык өсүшү, айлык өсүшү анын жылдык чоңоюшунун так жүргүзүлүшү илимий баамдоого чоң көмөк көрсөттү. Жүндүн акырындыкта кроссбред жүнүнө өтүшү, кылчыктуулугунун сакталышы жана анын салмагы башкаруучу-адистерге беш колдой айкын эле. Жубайлар өзүнүн чабандык составы менен куутта да, туутта да, бонитировкалоо учурунда, же кыркын жүрүп жаткан болсун өз милдеттеринин башында турду. Ал эми мал чарбасында кезмектүү келүүчү маанилүү өнөктүктү өз учурунда өткөрүп, байкоо иштеринен натыйжалуу тыянак чыгарып калууга станциянын администрациясы, бөлүмдүн башкаруучу-адистери күйөрман болушту. Алар тоют, инвентарь, кашар-сарай, жумуш күчү өндүү зарыл нерселер менен өз убагында камсыз кылып турушту.

Кыркын учурунда жүн сорттоонун 300 эрежелери талаптагыдай сакталды. Сабыр Абакиров баккан элита короосунун жүнүн өзүнчө кырктыруу менен анализ жүргүзүлдү. Кроссбред жүндүү койдун жаңы тукумун түзүүдө бул элита тобу тукумду түзүүнүн ядросу болуп эсептелди. Ар бир койдон алынган тутам жүндү өзүнчө буун, ага номер коюп, лабораторияда эксперимент аркылуу тукум куучулуктун стадиясын билүү жана канчага чейин ал өкүм сүрөөрү даана белгилене берди.

Арийне, тоолуу өлкө Кыргызстандын шартына ылайыкташкан эт жана жүн багытындагы жарым уяң жүндүү койду негиздөөдө бул пайда болуп жаткан аргын койдун оор салмакта болушуна жетишүү түпкү максат эмес

эле. Ошондуктан иштн андан ары улантууну табынан тайдырбоо тийиш. Мында аргындаштыруунун жүрүшүнө ар кандай (класстагы) койлор алынган. Демек, булардын бир тобу жарым кылчык койго ооп отурса, экинчиден жарым уяң жүндүү койлорго окшошураак бараткан. Канткен менен ошол саамалыктуу аргындарды бир типтеги бат жетилүүчү койго айландыруу зарыл эле. Андыктан Линкольн, Прекос жана Капкак куйруктуу кыргыз тукумунан алынган ойдогудай аргындарды мындан ары башка короого аралаштырбай, булардын өз ичинен кочкор коюп өстүрүүбүз тийиш болуучу. Аргын койдун канында топтолгон чарбалык маанилүү белгилерди сактап калуу талабы турган. Жарым кылчыктуу койлорду Линкольн кочкорлору менен куудуруу аркылуу аларды типтештирүү милдети келип чыккан. Бул аракет 1952-жылдан башталат.

Улам жазыланып алынган аргын кой бешинчи муунга чейин Линкольн кочкорлору менен уруктандырылып турулду. Тактап айтканда, мында аргындаштыруунун мезгил сынынан өткөн «кан сиңирме» деген ыкмасы колдонулуп, өзүлөрүнүн тукум куучулук өзгөчөлүктөрүн кийинки төлүнө жакшы өткөрүп берген кочкорлор тандалып алынат. Атасы бир, же атасы бөлөк койлорду бөлүү жолу менен кочкордун линияларын белгилеп, койдун денесинин ар кайсы бөлүктөрүндөгү жүнүнүн ичкелигинин-жоондугунун бирдейлигине айрыкча көңүл бурулат. Ошондо гана койдун мыкты сапаттарын аргындаштыруунун кайсы муунунда сактап калуу жагы айдан-ачык айкындалат.

Линкольн кочкорлорунун тукум куучулук касиетинин туруктуулугу Кара-Кужур өрөөнүнүн татаал шарттарына чыдады. Бул өстүрүлүп жаткан аргын койлордун бир типтегилерин (классынын) үчүнчү муунунда, экинчи бир типтегилерин төртүнчү муунунда, үчүнчү бир типтегилерин бешинчи муунунда өз ичинен кочкор коюп өстүрүү тартиби илимдин пайдасына чечилди.

Жогоруда айтылгандай бул милдетти аткара коюш арзанга турбады. Мында илимий негизде жигердүүлүк менен эмгектенүүнүн натыйжасында сегизинчи, тогузунчу муундагы тукумдун негизинде гана жарым уяндуу Тянь-Шань коюн келип чыкты. Бул жаңы асыл тукум койду түзүүдө станциянын жалпы эле чабандары жана адистери бир кишидей катышышты. Жыйынтыктап айтканда, СССРдин Айыл чарба Министерствосунун мамлекеттик комиссиясы: «Бийик тоолуу, сырттуу жерде температурасынын тез-тез өзгөрүлүп турушуна карабастан, Кыргызстан мал чарба жана ветеринария илим-изилдөө институтунун илимий кызматкерлеринин тобу менен Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын чабандары жана адистери кылчык жүндүү койду Линкольн кочкорлору менен аргындаштырып, 1950—1963-жылдары бат өсүүчү, жүнү жогорку сапаттагы, эт багытындагы жаңы тукумду пайда кылууда кажыбай эмгектеништи» деп баса белгилеген. Бирок минтип аныкталган тукумду кайрадан эксперименттен өткөрүү тийиш эле. Үч жылы такай иштеген эксперимент да оңунан чыкты.

Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун герби түшүрүлгөн мына бул ардактуу документте мындайча баяндалат:

«Автордук күбөлүк № 851.

СССР өкмөтүнүн берген укугунун негизинде СССРдин Айыл чарба Министерствосу 8-июнь, 1967-жылы бул автордук күбөлүк Георгий Иванович Друженьковго, Евгения Степановна Друженьковага, Сабыр Абакировго, Качаган Жамгырчиевге Кыргыз ССР Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында Тянь-Шань жарым уяң жүндүү коюн өндүрүп чыгарышкандыктары үчүн берилди».

Аракеттен берекет табышты. Андан берки эмгек сапарлары текке жортподу. Азыр Евгения Степановнанын төшүндө Ленин ордени, Георгий Ивановичте Эмгек Кызыл Туу ордени бар. Жубайлар айыл чарба илимдеринин

кандидаты деген наамды алышып, эми доктордук диссертацияны жактоо үчүн жигердүү аракеттерин жасоодо.

Жаңы тукумдун чыгышы үчүн жардамчы авторлор катары өз постторунда туруп, кайрат-күчтөрүн аяшпаган ошол чактагы башкаруучу Жамгырчиев Асакенин жана техник-осеменатор, классировщик Абылгазиев Укундун, чабандар: Рысмендеев Кылычтын, Султанов Мусакенин, Ниязов Дайырдын, Арпачиев Токтоналынын, Чаңкабаев Кашкардын, Сөлпүев Эсендин, Абдыгазиев Тургунбайдын, Асанов Асыпбектин, Мүдүнов Карымшактын жана башка жолдоштордун эмгектерин баса белгилөөбүз тийиш...

Акыйкатта, Саты Асакеевдин (1938—1973) эмгеги зор эле. Ал Кыргызстан мамлекеттик айыл чарба институтунун зоотехникалык факультетин ийгиликтүү бүтөөрү менен ушул мал чарба тажрыйба станциясына келди. Тукумдун селекциялык милдеттерин жолго ойдогудай коюу максатында Ставрополь шаарындагы Бүткүл союздук жогорку бонитировка мектебинен окуп келген жаш адистин кыйла жылдары Тянь-Шандын шартында тукумдун жаңы түрүн түзүүгө жана аларды башка чарбаларга жайылтуудагы чечкиндүү аракеттери өкмөттүк сыйлыктар: Эмгек Кызыл Туу ордени, Эмгектеги каармандыгы үчүн жана Эмгектеги артыкчылыгы үчүн медалдары менен белгиленген.

Тукумду түзүү учурундагы оор түйшүктөрдүн чордонуна ошондой эле Саринжи Жумагазиев да ортоктош. Зооветеринариялык профилактикалык чараларды алдынала көрөгөчтүктө аткарууда ветврачтын салымы да бир тол сөз кыларлык зор.

Ошентип, он беш жылга чукул мезгилди ичине камтыган аралыкта Кыргызстан койдун жаңы тукумуна ээ болду. 1966-жылдын 10-июнунда бул СССР Министрлер Совети тарабынан «жарым уяң жүндүү Тянь-Шань кою» деп бекитилет.

Чынында эле ВАСХНИЛдин академиги, көрүнүктүү окумуштуу Алексей Иванович Николаевдин 1973-жылы чыккан «Кой чарбачылыгы» деген китебинин 179-бетинде «...Бул тукум Советтер Союзундагы азыркы кроссбред тукумдарынын мыктыларынан болуп саналат. Талапка жооп берүүдө негизги белгилери жана касиеттери, кроссбредүүлүгүнүн типтүүлүгү боюнча бүткүл дүйнөдөгү белгилүү новозеландиялык тукумдагы кроссбред жүнү менен тең тайлашат»,— деп ачык-айкын белгилейт.

ИРИ КӨРСӨТКҮЧТӨР

Ала-Тоо аймагына аттын кашкасындай Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын тарыхына көз чаптырсак, албан-албан жеңиштерге өзүбүз күбө болобуз. Жаңы тукумду негиздеген чарба айрыкча кийинки жылдары өз өрнөгүн көрсөтүүдө. Күрөш летописинин таасирдүү жетишкендиктерине ар кимибиз суктанбай койбойбуз. Жумура-журтчулуктун көз отун алып, жүрөк кылында чертилген мындай төрт түлүккө шайма-шай ата конуштун паразаттуу даңкынын төркүнү кайда. Анда биз мындай жоо ыроолойбуз. Анын жүрүп турган каныжаны күжүрмөн малчылар — чабандар. Аларга чаалыкпас дем берип, кайратына-кайрат, үмүтүнө-үмүт кошуп, айдан-ачык жол багыттап, жетектеген кимдер? Адистер эмеспи. Эмесе, өзүнүн мүлдө күч-кубатын демилгелүүлүк менен жумшаган адамдар аз эмес.

Чарба 1963-жылы мамлекетке эт сатуу планын 103,9 процентке, жүн тапшырууну 110,5 процентке аткарса, 1966-жылы станциянын малчылары өлкөбүзгө 7190 центнер эт сатып, планын 103 процент, 2847 центнер жүн сатып, планды 130 процент аткарган. Чарбаны билгичтик менен жетектөөнүн натыйжасында койдун санын өстүрүүдө жана анын продуктуулугун жогорулатууда малдын жашына, жынысына карай алардын структурасы

туура түзүлөт. 1969—70-жылдардагы маалымат боюнча асыл тукумдун структурасы төмөндөгүдөй (процент менен): тубары — 36, ириктер — 31,4, негизги кочкорлор — 0,002, жардамчы кочкорлор — 0,008, эркек жана ургаачы козулар — 34, мындан сатылуучу козу кочкорлор — 0,026, токтулар — 0,06. Мында тубар койдун арбын болушу койдун санынын төл эсебинен көбөйтүүгө жана кой чарбасынан алынуучу кирешени жогорулатууга өбөлгө түзөт. Демек, койдун структурасын тууралоо, бир гана алардын санына таасирин тийгизбестен, негизги байлык болгон жүндү көбөйтүүдө да айрыкча роль ойнойт.

Станция 1965—1969-жылдары чарбалардын койлорунун тукумдук сапатын жакшыртуу максатында 18000 токтуну жана козу кочкорду сатты. Алардын тирүүлөй салмагы элүү килограммдан айланып, бул 1334 миң сом кирешени түздү.

1966—1969-жылдарда кыш айлары айрыкча каат болду. Тянь-Шандын мал киндиктүү бөксөлөрүндө түшкөн кардын терендиги эки, жарым метрге чейин жетти. Жаздын келиши бир айга кечеңдеди. Төрт түлүк жерден от ала албай калган. Айрым Эки-Нарын, Чырпыкты, Ардакты сыяктуу участоктордо колдо турган тоютту малга жеткирүү көп машакатты талап кылды. Мал жапырт колду карады. Темир аязы жаланган кыш кыйынчылыктарындагы кайраткер малчылардын жана айыл чарба адистеринин кажыбас күч-аракеттеринин натыйжасы жазда көрүндү. Қолдо асыралып жаткан 50 миңдей асыл тукум койду, 1500дөй жаңы кыргыз тукумундагы жылкыны жана миңге чукул уй, топоз, төөнү чыгашага учуратышпай, малдын башын 99,7 процентке аман сакташты.

Чарбанын коллективи мындай татаал шартта өзүнүн тагдырын гана ойлошкон жок. Башка айрым чарбалардын аянычтуу жагдайларын эске алып, 550 тонна кесек тоютту жардамга ыйгарышты. Қыш айларынын ашкере өкүм сүрүп жаткан кезинде Тянь-Шань районунун Жданов атындагы, «Коммунизм» колхоздордо коомдук мал-

ды аман асырашты. Ошентип, кыштын өктөм зордугуна моюн сунбай малды эттүү асыроонун негизги залогу жазгы төл алуу мезгилинде байкалды. Туутка коюлган 18 миңдей койдун ар жүзүнөн 115 тен козу алынды. Бул чарбанын тарыхында, же ошол тапта башка жерлерде мурун болуп көрбөгөндөй жогорку көрсөткүч эле.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун 25-май 1967-жылдагы Указы менен айыл чарба өндүрүшүн өндүрүүдө, айыл чарба продуктыларын даярдоо пландарын орундатууда, мелиорациялык жумуштарды жүргүзүүдө жетишкен ийгиликтери, илимий-изилдөөлөрдү иштеп чыккандыгы жана айыл чарба өндүрүшүндө колдонгондугу үчүн СССР Жогорку Советинин Президиуму алдыңкы колхоздорду, совхоздорду, бакма канаттуулар фабрикаларын, асыл тукум мал заводдорун, тоют жана суу чарба уюмдарын, Сельхозтехниканын жана даярдоо органдарынын ишканаларын жана уюмдарын, долбоорлоочу, курулуш жана илим-изилдөө уюмдарын СССРдин ордендери менен сыйлады. Анын ичинде Ленин ордени менен сыйланган ушул Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы да бар эле. Ондогон чабандардын төшүндө өкмөттүк жогорку сыйлыктар жаркырады. Бул мал чарбасын өнүктүрүп, анын азык-түлүктүүлүгүн көтөрүүдөгү элдин албан ишинин зор даңазасы!

ЖАҢЫ БАШКАРУУЧУ ЖАНА ЧАБАНДАР

Совхоздун мындан ары тынымсыз өсүш кудурети Лахол бөлүмүнүн аракети менен өлчөнмөк. Анткени асыл тукум тубар койдун туруктуу жайыты ушул бөлүмдө. Максат негизделген тукумду андан ары жумура-журтка жайылтуу, жүн кыркуу, малды эткe төгүү милдеттери менен кайра экономиканы бөксөртпөй, дагы чыңдоо, андан бетер көтөрүү зарыл. Алдыда ойлогон ой, тилеген максатка жетүү үчүн элдин дилин билип, тилин таап, эм-

гекке багыттоо стилин жаңыча алып баруучу жоопкерчиликтин илебин суутпай, андан ары айкын алып кетүүчү эр-азаматты тарбиялоо милдети турду.

Лахол бөлүмүнө киши токтобос болду, кыска мөөнөттүн ичинде үч башкаруучу алмашылды.

«Эгер Сабырды башкаруучу коюп, карамагындагы короону ылайыктуу кишиге өткөрсөк...» Директор өзүнчө ой артынан кетти. «Эмгеги элге-журтка белгилүү, сөзүнүн эми бар, элге жакын. Тукумдун да автору. Кадырбаркы артылып турган адамга бул милдет демөөр берет. Бирок Сабыр башкаруучулукка макулбу, же...»

Көкүрөгүнө дүрмөттөп, алдыртан боолголоп жүргөн директор бир күнү парткомдун секретарына кеңешти да анан алдыртан Сабырды чакыртты. Чабан анда парткомдун да, райкомдун да мүчөсү. Райондук Советке депутат. Мурунку жылдары облсоветке да депутат болгон. Сөздү ушул жактан чоюп, бөлүмдүн абалын баяндап, тигил-бул иштердин мүнөзүн, шартын кыяпаттап келип, директор ой чекесин кылтыйтты.

— Экономистке эсептетсем, бөлүм чарбалык кирешенин 60 процентин түзөт экен. Бөлүмдүн эли-жеринде айып жок. Эми ошого жараша башкаруучулук милдетти мыкты алып кетүүчү киши таба албай койдук го?! Сиз муну кандай ойлойсуз? — Сабыр адаттагы кеп-кеңештин биринде туюнду, тек гана сөз тыңдоодо. Директордун кийинки сөздөрүнөн улам, сыр бербей:

— Балдар айыл чарбаны бүтүп келип жатышпайбы... — деди Сабыр акыл кошконсуп... Азыраак тынымдан кийин директор чыдабай кетип, туурасын айтып таштады:

— Бүткөндүн баары бирдей эмес. Уюштуруучулук жөндөм керек. Окуудан мурда практика, табигый идректик керек. Биз сизге башкаруучулук милдетти жүктөйбүз?!

Сабыр селтең этти. Директорго ормоё карап, мындай деди:

— Жок, жок, мен ансыз да бир короо койго ээмин. Башкаруучу болом деп... Түшүмө кирбеген ишти... Өз кесибиме койгула?

Парткомдун секретары директорго кошула берди:

— Бул ойдон биз жаңылбайбыз! Коммунисттик ишеним бар.

— Жок болбойт! — Сабыр колун шилтеди.

— Өзүбүздүн чарбанын ичинен «окуп» чыккансыз. Төмөнкү звенодон жетекчиликке чейин көтөрүү биздин милдет, партиянын талабы ушундай.

Чалкалап жаткан кыштоосу, короо ичине кирип-чыгып жүргөн ар кандай түйшүктөргө тикеси менен тик турган жубайы Күлүсүн, апасын ээрчий мал артынан чыкпаган уулу Каракойчу, Туура-Суу, Чалчык, Алтын-Күңгөйдүн апай беттери, анда чакмак таштардай жайылган коендон окшош койлору, канатташ конгон таякташ жолдоштору Сабырдын мандайына тартыла түшүп Сабыр:

— Мен короомду башкага өткөзө албайм. Этке төккөнгө чейин бир колдон чыгарам. Жыйынтыгын көрүшүм керек.

— Бул жетекчинин ою, өйдө-төмөн сүрүшүп отурбайлы, жолдош директор буйрук таштаса, иштебей көрүңүз! — деди парткомдун секретары.

— Тамашаңарды койгула, жолдош директор, — деп чабан күлдү да оң колу менен мурутун сылай — менден бир короо койдун башын, алынуучу төлүн, кыркыла турган жүнүн сурагыла. Жоопту да такалбай табам. Анан . . . башкаруучу болуш . . . Кой, кой . . . Короом аман, коюм аман. Ишенимиңерди аткара албайм.

Башкаруучулук койчу Сабырга өтө өөн көрүндү. Аны директордун мына бул сөзү «мөңкүбөс» кылып таштады:

— Иштейсиз, ишеним бергенден кийин айткан сөзүбүз эки болбойт.

Биринчи жылы иштеп жатасыз, жүргүзүп жаткан иштериңизге жардамды берүү — биздин зарыл милдет.

Экинчи жылы эч нерсе эмес. Өндүрүштө өйдө-төмөн болбой коебу, ыры да, чыры да бар . . . Үчүнчү жылы иштейсиз, ишеничти актай албасаңыз, «эми орунду бошот, жолдош Абакиров» дейбиз да, баягы үйүр алган кооңо кайра жиберебиз. — Минтип тамаша чалып айткан директордун акылынан кийин Сабыр жоошуй түштү:

— Ай, колумдан келбейт го, дипломдуулар иштей албай, бошогончо шашып жатса, мен ошолордон кыйынсынып . . .

— Аны келечек өзү көрсөтөт. Чабан жана жетекчилердин кыскача сөзү ушуну менен бүткөн.

Эл ичи уу-дуу, муну ким токтотмок. Мурундарын чүйрүгөндөр четтен чыкты:

— Борбордон бүтүп, беш жыл окуп-чокуп, мээ коротуп, чоң окумушу барлар башкара албай, эми койчу Сабыр калыптырбы? Пша, аа! Мына кызык тамаша. Башкаруучунун да кадыры кеткен белем! Сабыр эми тумтак жаңылды.

— Жыйындарда президиумдан түшчү эмес. Сабыке, Сабыке, болуп жүрө бербей . . . Мына эми балаанын баарын өзүнө үйдү.

— Оо, чарбаны башкарам деп, көкүрөк таптуулук кылууга эч качан болбойт.

— Койчу, Сабыр башкарып кимди жыргатат, баягы койчулугуна кетет. Адистери менен батыша албайт.

— Болуптур, мунун «жетекчилигин» да көрөлүк, — дейт айыл ичи. Айтор ага тыңсынгандар четтен чыкты.

Анда абышка-кемпирлер:

— Кыдыр даарыйт деген ушул. Мандайында багы бар азамат тура. Төпкедей кезинен малга тетик.

БАШКАРУУЧУНУН БИР КҮНҮ

Айтса, айтпаса төгүнбү. Журтчулуктун сыймыктанаары бар. Элибизде эмгек майданында эң биринчи сөзгө

алынгандардын бири көзгө көрүнгөн, өз өмүрүндө өрнөктүү сапарын алган бахубат адам ушул Сабыкем. Ал мындан бир топ жыл мурун ага чабан эле. Ошондо чабандын ак тилеги, кылган аракети өзү айткандай, баккан койлорунун семизи, чыгашага жол бербөөсү, төлүнүн арбын, жайыты жайлуу болушу эле. Мына ушундай айдындуу максатты аркалап, аракет жолунда дасыккан чабан түрмөктөлгөн түйшүктөргө өзүн кайыл кылуу менен ошол 60-жылдары жүзүнөн 125—137ден төлдү, ар бир койдон 4,2 килограммдан кем эмес жүндү ар жылы берип, короосунан бир да койду бөөдө чыгымдар кылбаган.

Баатырдын эмгегин эл тааныды. Ат үстүндө кыңая кой четинде бастырып, адыр-белестерди арткан чабан өзү иштеп, асыл тукумун түзүшкөн тубар кой чарба бөлүмүнө башкаруучу болду. Ооба, көп жылдык эмгегинде да, бешенесинде да жылдызы жанган адамды көз таразасынан көрө билсек, турмушту сырттан гана эмес, ичтен да сыноонун өз өлчөмү бар тура!

Сабыр — эми элүү-алтымыштай короо койдун, эки жүздөй бодонун ээси.

Тебетейчен ал куут пунктун карай бастырды. Эми жетээри менен ишке башкаруучудай мамиле кылышы керек. Кызыктай көрүнүш. Ат үстүндө терең ойго термелет жаңы башкаруучу.

. . . Түн ортосунан ооп бергенде жылуу ордунан түйшөлгөн от жаккыч куут пунктуна жөнөчү. Пункт терезеси бүлбүл жарык берип, башталаар иштен кабар кылуучу. Таң супа салганга чейин пункт ичи лепилдеп жылып чыгат. Коюн топ-топ айдап, бак-бак унчугуп, таңкы жоошунду жарган чабандар жүрөт. Биринен сала бирин шишкектете айдап, короого киргизүү менен чабандар алек. Эл ичин эриктирбей, ардеме-бирдемелерди куп келиштире айтып, алардын арасында Сабыкем бар. Техник-осеменатор келет. Алар штативдүү микроскоптон жардана карашат. Сабыр шаша:

— Қана баштай бербейсиңерби? — дейт.

— Қое тургула.

— Башка кочкорду кармайлыбы?

— Мейлиңер! — Чабандар бат жанданышат.

Иш кызый баштайт. Сабыр да терин аарчып, этекжеңин каккылап . . . Бул түн ортосунан баштап дүрбөлгөн көнүмүш адат жумалап, айлап узарат. Уйку даамын чакан тарткан кайраткер чабандар мындай көрүнүшкө кайыл.

Сабыр кыячадан жай бастырып келди.

Башкаруучуга утурлай басып, саламын даярдаган чабан мыйыгынан күлүп, аттан Сабырды колтуктап түшүрдү. Сабыр байкабаска салып, өзүн токтоо кармап:

— Иштер кандай, Асыпбек баатыр? — деди.

— Илгери өзүң көрүп-билип жүргөндөй, жолдош башкаруучу. Чабан каракердин чылбырын мамыга күрмөдү.

— Эмне эле муруттарың сербейип калган? — деди Сабыр тамаша кытып, — муруттун алдына бирдеме бастырган эмессиң го . . .

— Жоок, ооздон айлансын . . . Асыпбек башкаруучу Сабырдан кайта тайсалдай түштү.

— Анда оңолоюн деген экенсиң?

— Албетте, жолдош башкаруучу.

— Куут пунктуңар кантип жатат? Ошону көрөйүн деп бастырдым.

— Эки адам жибериптирсиңер, эртеден бери кыйкандап иштемиш болуп жатышат.

— Өзүңдүн ал-жайың кандай? Чай бере алдыңбы, куут пунктунда иштеп жаткандарга?

— Албетте, чай берүү жолго коюлбаса, иш бүтмөкпү? Өзүм болсом жайыттан эми келдим. Жайыт быйыл абдан куусаң, мал токтобой жатат. Өзөк жалгап, кайра бастырамын.

— Короондо бул айда өлүм-житим жокпу?

— Жок.

Асыпбек ушул Лахол бөлүмүнүн белдүү чабандарынан. Жайы жайлоодо, кышы кыштоодо болобу, Сабыр экөө бир өзөндө коңшу отурушту. Өзү айткандай «бирдеме кылт этсе» жер чечегин безеп, сүйлөп жаткан кишинин оозунан сөзүн жулчу. Бирок, ичинде тырнактай кири жок ак көңүл неме. «Кылт этмеден» кайра тартпаган ушул Асыпбек уулду болуп, «сеп этмесин» таштайт. Анын топугуна эл аябай ыраазы болот. Сабыр экөө жайыттан да кездешчү. Қол чаначтагы кымызды теребелге тегиз көз чаптырып бөлө ичкен булардын малчылык доору мыкты эле эмеспи! Сабыр минтип башкаруучу болуп, көчүп кеткени Асыпбек аябай коңултактады.

Асыпбек башкаруучуну ээрчий пунктту карай кадамдап баратып:

— Қозу жеп кетпейсизби, жолдош башкаруучу?— деп койду.

— Қозуң ошончо көппү, бир кишиге бир козу союп . . .

— Башкаруучу жебеген козуну . . .

— Башкаруучу козуну кое туруп, абалы ишин жолго коюп алсын . . . Дагы бир күнү кайрылып келербиз. Жеке мен козу жегенде мүйүз алат белем . . . — Мындай асылкеч сөздөргө алар жеринен жедеп көнүшкөн.

— Қара шамал кайта башталдыбы?

— Аны айтпа, кеч күздө, эрте жазда минтип турбаса, Қара-Кужур болуп аталабы?

Сабыр башкаруучу болгону биринчи буйрук менен келген эки адам куут пунктунун ичи-сыртын актаптыр. Мешине ылай жамап, терезелерин ондомуш этиптир. Ушуну менен иш тык токтоптур. Сабыр тегерете карап, купулуна толтурбады. Жымыйып туруп, жылдыра суроо берди.

— Иштеп бүттүңөрбү, же дагы көм-карчы барбы?

— Ооба, негизинен бүттүк. Эми кетелик дедик.

— Тигил салган терезеңерден Қара-Кужурдун кара шамалы ышкырып кирсе кантебиз?

— Эмне кылабыз, колдон келгени ушул.

— Тешиктерин бүтөөгө болот го. Кагаз жабыштырыш керек. Кашектин алдына ылай урбасак, кою бир, койчусу бир жөөлөп, эшиги жыгылат. Таргыл-ала кылбай, тазараак актоо керек.

— Мештин кейпи эмне болуп калган?

Башкаруучуга кошулуп баары күлдү. Жалаң кара топо шыбакты анча кармабай туурулуп жарылып кетиптир.

— Таза бөлмөдө мындай жыт-жыбыр болобу?

— ? . . .

— Бул жыт барда ветврач куутка уруксат бербейт, баатырлар. Бул жыт жасалма алынган урукту өлтүрүшү ыктымал. Препараттарды коюуга да орун жасап, айтылгандарды аткарып, анан наряд боюнча өткөргүлө?

Башкаруучу куут пунктуна керектүү нерселерди көкүрөгүнө жат түйдү. Көмүрдү тутандырууга ичегилик жыгач отунду да түшүрмөй болду.

Багыт андан ары уланды. Он чакты короо-сарайдын ал-жайын баамдады. Мал кыштатуунун башталышы бардык чабандарда бирдей эместигин өз көзү менен көрдү. Ошол күнү көңүлүнө бир топ талаптарды уялатып кайтты башкаруучу.

ТӨЛ АЛУУ ИШИ — ЭР ИШИ

Май айы баш бакса да, кең өрөөндө кыштын этеги жыйыла элек. Кара жамгырдын аягы кардап кетет. Жаандын кайраары күчтүү. Чел баскан шооладай күндүн көзүн кечээ эмес, бүгүн көрүү кыйын. Күн чубактаган жан жок. Төл алуу учуру кызуу жүрүп жатат. Аба ырайынын минтип катаал болушу мал жаныбардын үшүн алдыбы! Мөөнөтүнө жетпей туул коймойлору да болду. Мал төлдөй турган короо-сарайлардын чамаачаркы бирдей эмес. Бири мыкты, экинчиси анча түзүк

ремонттолбогон. Жонунан жаан чыпкаланып, тып-тып тамган кээ бир кашарлардын ичине кирип-чыгуудан адам зааркanат. Бул көбүнчө куруучулардын ала колдуулугунан эле да! Кыш бою эти арыгыраак болгон койлордун козулары жарганаттан айырмасыз. Калдак кулактары тумшугундай кызарып, сормо чылада кабышып турган жаш козулардын колтук алдылары тиртилдейт. Эмчекти кактай эммек турсун, маароого шайманы жок жаныбардын. Башкы зоотехник таноолору кыпчылып, сүзө карап бөлүмдүн адисине:

— Чабанды чакыр?! — деди.

Райондон келген зоотехник сөзгө аралашты:

— Иштер чатак го, жолдош Абакиров? Мындай жоопкерчилигин тайкы сезген чабандарга бирден адисти такай бекитип таштоо керек!

— Веттехниктин өзүн бекиткем, жолдош зоотехник.

Ант урган чабан мына ушуну кылмакчы. Сүйлөсө-тили буудай куурат, аялы андан бетер жер чечегин безейт. Баягы таз кейпине түшө элегинде мен мунун көзүн ачып, туш тарабын каратайын. Кечке жуук келем, ошондо!... деп Сабыр ичтен кайырды. Чабан башкы зоотехниктен эмне сөз угаарын билет. Эшикти кооптуу аттап тигилерге салам айтты.

— Башкы чабанынар ушубу?

— Ооба.

— Абалынар абдан оор го! — деди ал — бел алдырып коюпсуз?

— Жакшы эле! — деп баратып сурданып турган зоотехникти байкап, тайсалдай түштү. Чабанда эми жооп жок.

Сабыр Ишеналыны бармактай кезинен баштап билет. Кошуна отуруп, койлорун жанаатташ да жайды. Жайлоосу, жайыты бир, өзөнү да ошол. Бирок малдары күздө бирдей семирчү эмес. Минген аты да жаадай болуп, ак жайда жилик албайт. Муну эл «токумунан» дейт. Бул чабандын даярдыгы начар болгондуктан бекен, төлдөө

кампаниясы мыкты башталган, үч-төрт күнкү бурганакка бел алдырып коюптур.

— Кана айтчы, кашар ичи эмне чыла?

— Тигилер куруп берген кашарга мен кирбей калып кап! — Чабан какшык аралаш сөзүн жөнөтүп алды. — Бул кашар сен экөөбүздөн улуу, баатыр акеси! Таптешиктеп чыктым, сакманчыларым суй жыгылды. Мен мурун эле бул кашарга мал төлдөтө албайм дегем. Бир да бирөөнөр кулак какпай жүрүп . . .

— Кургак кыкты жаз башынан үйүп алып жатканда мен кой дебедимби? — деди башкаруучу.

— Ой, Сабыке мына сакманчылардын көзү. Бул тамчыга түтөөр эмес.

. . . Анткени мен Ой-Корум, Сары-Коо, Үч-Булак, Чалчык кыштоолорундагы кашарларда жүргүзүлүп жаткан төл алуу аракеттери башкаруучу болуп кошо бастыргандардын купулуна толду.

Башкаруучулар кеткени алиги чабан арына келген. Айрысын дубалга жөлөй сала кайра келген башкаруучуну утурлады. Кечээги кишилер келгендеги анын түрөпөтүн кайра баштан элестеткен тамашөкөй Сабыр бырс күлүп жибере жаздап токтоду.

— Бүгүн бир аз ийиңе келе түшкөнсүң го, ыя?

— Койчу ой, Сабыке, мен дайыма эле ушундаймын да.

— Жүрү баатыр, кашардын ичине кирели, кечээкилердин эмнеси бүттү, кандай иштер бар, өз колум менен сага көрсөтөйүн. Чабан артынан ээрчиди.

— Башкаруучу-адистер айткан акылды дал өзүндөй аткарууга тырышасың го, мен да, сен да жетекчилер алдында уят болбойт элек.

— Лам дебей жасап жатпаймынбы? Деле менин ишим көзгө көрүнбөйт.

— Анан ушинтесиң. Жарытылуу эле жасап салсаң, сенден киши айланабы? — Чабан сөөмөйүн жуумп, бир баштан санады:

— Туут бөлмөсүн эми көрүңүз, күзгүдөй кылып таштадым. Жем-чөбүмдү карацыз тигине чекесинен коромжусуз чыгымдап жатам. Аштоо, шыт . . .

— Жүйөлүү сөз айтчы, — деди Сабыр.

— Эмнени?

— Козуларың чылада оонап, ошончодон бүгүн келди-кеткендерге сыр алдырдың. Отуз туут отордун ичинен ушул сеники эң начар туюлду.

— Эми айланайын, Сабыке, кудайдын жаанына мен кантип түркүк коем?

Туура, күндү жаадыруу, токтотуу экөөбүздүн колубуздан келбейт. Мен сенин колунда турган азыркы мүмкүнчүлүгүңдү айткым келет. Кык үй, муну күз башынан камдап ал, күн узун, жылуулукта кыш камын көр, малды жакшы бак, айылга көп келбе. Ар дайым мал ичинде бол . . . Канча жолу какшадым. Адистер кыймачийме каттоодо. Койлоруң арык, ошондуктан козуларын кызыл эт таштап жатат. Арык малдын суукка байымы жок. Өзүң адам болуп кенебейсиң, сакманчыларды контролдоо керек. Чабан жүйөлүү сөзгө шылкыя түштү. Сабыр акыл-насатын андан ары улады:

— Чөптү үнөмдө, коромжусуз жегиле, жер кара, күн жылуу, талаа жайытын пайдалангыла, талаа жайыты береке берет, колдогу тоют кайда качат — деп айттык беле, айтмак тургай анда да тартип бузгандардын ичинде сен барсың, станциянын элдик контролдоо тобунан сендейдин эки-үчөөн блокнотуна каттап кеткен. Эми эмне болду. Анан кыш келгенде минтип жер карап каласың . . .

Башкаруучу жөлөнүп турган айрыны алды да, шакелдерди мындай шыпырып, козулуу кой турган короочодогу арыкчага ченем менен чөп салып, чабанга көрсөттү:

— Мындан ашык салба. Кой тумшугу менен копшоп, анан туяк алдында түшүп... Сакманчыларыңа муну көрсөт. Шакелдерди алыс таштат.

Башкаруучу менен чабан дубалга жөлөнүштү.

— Деги мен чабан, анан башкаруучу болгону сенин мандай жылыткан күнүң барбы? — деди Сабыр.

— Көп эле мөөрөй алып жүрбөйүмбү.

— Аның элдин шарданы менен. Кана, азыр канча коюң тууду.

— 294, баары — 564, эгизи — 53.

Башкаруучу бир аз ойлоно түшүп:

— Эгизи эң аз болуп атыптыр. Короон төртүнчү туут эмеспи. Сенин койлорундун үрпү мыкты экенин билем. Эл айтып жүргөндөй жалаң гана багуудан кетти, — башкаруучу башын чайкады.

— Бергенин алабыз, бере көр деп, дагы тилек кылып жатабыз, жолдош башкаруучу! — деп күлдү чабан.

— Эми, баатыр, туут кызый баштады. Жерге түшкөн козуларды аман асырап калууга тырыш. Сакманчыларды эмгекке уюштура билгиниң. Билесиңби, Асыпбек экөөң жарышуучу жылды?

— Ооба Октябрдын 45 жылдыгына карата. Билбей анан.

— Туут ортологончо сен алдыда белең, анан ал озуп, караанын алда кайдан көргөнсүң.

— Ал чын, Асыпбектин тейлөөсү балакет эмеспи. Эми андай эмесмин. Мен да түшүндүм. Аркы-беркини көрдүм. Малдын түрмөктүү түйшүктөрүн мына бул беш колдой билем.

— Быйыл кимди мелдешке чакырдың?

— Мукамбетти. Сакманчыларым тың. Ойдогудай кишилер. Эми маарага тең келсем эле болгону . . .

Асыпбек, Ишеналы, Качкынбай, Тентимиш, Күлташыр, Алдайке, Каралдей, Рашидкан өндүү чабандар менен Сабыр кыйла жылдары коңшу отурду. Бир төрдү жайлап, бир булактан суу ичип, канатташ мал жайган малчылар бири-бирине жат. Кийин алардын тобунан суурулуп чыгып, башкаруучу болуп кеткен Сабырга кээде алар тең ата. Антсе да эстүүлөрү изаатын жасап,

жигиттин ички дараметине кол коюшат. «Адам ээй, Сабыр окубай, чокубай, койчулуктан башкарууга көтөрүлдү. Адам эртели-кечтир өз ордун табат деген ушул тура. Ак ниеттүү, адал иштеген адам минтип алтын аяктан суу ичет деген ушул . . .

ЭСЕНДИН КАШАРЫНДА

Туут кампаниясы аякталаарына саналуу күндөр калганда элдин чыдамы кыстайт. Айыл ичинин кулагы ошого түрүлөт. Азыр кимдер алдыда, ким биринчиликти ээлер экен? Айтор мотордун үнү басылбайт, аттын тери кургабайт. Чарба жетекчилери тургай райондон бери чабагандашат. Алар мыкты төл берген жерде үстөккөбосток келмей. Анткени, мындай чарбанын арымы, көрсөткүч проценти районду алга сүрөйт. Сабыр иштеген бөлүмдө да келди-кеттилер арбын. Ошондой күндөрдүн бири эле. Райкомдун секретары:

— Кыштоолорду кайсы участоктон баштап кыдырып чыгабыз? — деди.

Башкаруучу айтсын дегендей директор Сабырды карап анан:

— Кана, жолдош Абакиров, жол баштаңыз? — деди.

Сабыр, секретарь, директор — үчөө жолго чыгышты.

Бул учурда Кара-Кужур өрөөнүндө аба ырайы анча мээримдүү эмес. Солтан-Сары тоо кыркаларындагы кыргил булуттар Кара-Сазды карай каалгый барат. Жээк кыштоосуна жеткенче айлана кескин өзгөрдү. Жалак-Бел тараптан кара шамал каптап, таман алдындагы тоскок топуракты буртулдата ызгытат. Ооздон чыккан сөздү коштой жорткон өкүм айдарымда теребелдеги кереметтелип жаткан кыймылдын маани-жайын жакын бармайын билүү кыйын. Сабырлар түз эле кашар ичин көздөй кадамдашты.

— Аа жолдош Сөлпүев Эсен ушул кашардабы?

— Ооба, жолдош секретарь. Секретарь Эсенди жатка билет. Эсен кыйла жылдардан бери карай коммунист, парткомдун да, райкомдун да мүчөсү, кийин обкомдун текшерүү комиссиясынын мүчөсү болду. Октябрь революциясы орденинин кавалери . . . Баатыр болуп калабы дегендердин бири.

— «Баатырдын даңкын алыстан ук, жанына келсең бир киши» — Эсен менен учурашып жаткан секретарь ушинтип тамашалады. — Капырай шамал кантет, тим эле этек-женди жулуп кетчүдөй энтендетет. — Кыл мурутуна кыроо чалдырган Эсен ава:

— Кош келиңиздер, келиңиздер! — деди.

. . . Бул тарапта туулган козулар. Ар бир бөлмөнүн ичинде тиричилик бар. Эгиздер жата турган торчолор арбын. Тоютту берүүдө коромжулук байкалбайт. Козусун эмизүүдөн жериген койду телүү үчүн өзүнчө бөлмөчөлөр жайлашкан. Ушул өз-өзүнчө турган клеткаларда эне-бала үйүр алышып, бара-бара чоң сакмалга кошулат. Жайытта козуларын өздөрү асыраган койлор. Кадам сайын бир эле көрүнүш кайра-кайра көз алдыга тартылат. Жанатан бери аткарылуучу иштин мүнөзүн жетекчилерге баяндап, бир баштан көрсөтүп келе жаткан башкы чабанга секретарь:

— Карамагыңызда канча тубар кой бар дединиз? — деп сурап калды.

— 554.

— Алган милдеттенмеңиз канчадан деп жазылып турат?

— 140тан. Бирок . . . — Мындай цифраны укканда секретардын суроосу ого бетер чыйрала түштү:

— «Бирокту» айтыңызчы?

— Арийне Жер-Көчкү бөлүмүнүн алдыңкы чабаны Чөлүев Тотуядан жаңы эле кабар алдым. Ал өз мүмкүнчүлүгүн эми кайрадан дагы бир сыйра карап чыгып, мага атайын киши чаптырыптыр. Дагы жогорулатылган

милдеттенме алдым, буга сен эмне деп жооп кайтарасың?» — дептир.

Тотуя болсо илгери жалаң субай кой бакчу. Жүн жана эт өндүрүү боюнча такай мыкты көрсөткүчтөргө жетишип келген. Кийин өз каалоосу менен тубар кой өткөзүп алды. Үч жылы катары менен жүзүнөн 135тен төл алып, Эсен сыяктуу чабандардан тизгин талашууда . . .

— Куп гана болуптур. Ага калыс эмгегибиз сынчы болот. «Берген март эмес, алган март». Мен да тобокелге бел байладым. Тотуя ар жүзүнөн 142ден козу алмай болду. Мен да өзүмдүн чама-чаркымды, алды-артымды абайлап туруп, партиялык чогулушта коммунисттер алдында 145тен төл берем деп убадамды бекемдедим, — деди Эсен.

Сөлпүев Эсен 1958-жылдан бери карай эл оозуна алына баштаган. Анткени ошол жылы төл алуу, жүн кыркуу жана малдын башын сактоодо чарбада гана дебейли район боюнча алганда ири ийгиликтерди жаратып, коммунист чабан Москвадагы Айыл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук Көргөзмөсүнө биринчилерден болуп катышат. Анын ургалдуу жеңиштери жети жылдыктын жыйынтыктарында ашкере билинди. Ушул короосундагы койлорун козу кезинен тартып асырап, ал дифференциялуу (малдын жашына карай) берилген милдеттенмелерди ар дайым ашык аткарууга жетишип келди. Ал 1969-жылы ар жүзүнөн 142ден төл алса, кийинки жылы ошол темпти Кара-Кужурдун татаал шартында дал өзүндөй кайталап, Лениндик алтын юбилейлик өз ара эмгек вахтасынын Тянь-Шань мал чарба станциясы боюнча лауреаты болуп калды.

Айтса, айтпаса төгүнбү, салкын төрлөрдө жайлоолоп, жай ыракатын көрөбүз эле дебесе төрт аяк малды асырап, андан азык-түлүк өндүрүп алуу машакаттуу иш. Эсен абам өз тынчын өзү алып, кадимкисиндей калдактап, бир жайытты караса, кайра кашар ичине баскан изин суутпайт. Көчүп коюп, ысык чай ууртоого өзүн-өзү

ыроо көрбөйт. Кыштын кыйын күндөрүндө бир да башын өлүм-житимге алдырбай, ит-кушка жулдурбай, бир да бирөөн козу салдырбай телегейин тегиз асыраган чабан эми туут учурунда көчүк басабы, бел чечеби? Ал азыр да бир да козунун чыгаша болбоосу үчүн күрөш жүргүзүүгө бел байлап койгон. Элибиз айткандай, Эсендин канжыгасы кабат адам. Анын аракети менен күткөн тилеги төп келип, ага өзүнүн жекече ар-намысы сүрөөн берип, калың калктын купулуна толуп олтурат.

Малчылык жайлоодо да жай алуучу кесип эмес. Эсен аба жана Самар эженин күзөткөн түндөрүн, жайлоо сырларын биз да билебиз, туябыз. Чагылган чартылдап, булут ийип, асмандан суу чорголойт. Короо кой кез-кез дыр берет. Жайлоо чөбү сиңимдүү, мал түндөсү түгөлү менен короодон түрүлүп кетет. Улуу тоолордо ит-куштар жортуп жүрөт. Адырлар, кырлар, апай беттер . . . Ошол жерлерди чабан асма чырак менен басат. Эсекем ушундай касабалуу түйшүктөргө кайыл келип жигиттик ар-намысын аркалап, чаалыгуусуз жана өргүүсүз иштеп келе жатат.

Кара-Кужур өрөөнүндө Эсендин конушу, Эсендин кашары, Эсен булак деген жерлер бар. Аларда Сөлпүев Эсендин баскан издери калды. Ошондуктан, Сабыр Эсен курдашына кара чечекейдей ишенет. Экөө эчен курдай жарышка чыгышкан, мөрөйдү тең алышкан. Марага тай талаш келген кездерин да көп эле көрдүк. Анын сүйлөгөн омоктуу сөздөрүнө маашыр алып, эрдикти жарата турган адамдын деми да, өзү да, сөзү да башкачараак болорун ар кимиси айдан-ачык түшүнүп, ары туут бөлмөсүнө кириштн беркилер.

Козулар бирде жыгылып, там-туң басып, маарап, мекиренген энесинин желинин сүзгүлөйт. Эмчек издешет. Козунун киндигин чубалжытпай чырт кесип, байлап, майлап катыруу өз жышаанасы менен Деогут деген дарынын бөтөлкөсүн кармап, дагы бир сакманчы козунун оозун майлоо менен алек. Койдун эмчегинин үрпүн саап

таштоого кам урган чабандын жубайы Самар эжеге секретарь суроо салды:

— Эже, бизге үрптү саап таштоонун пайдасын айтыңызчы?

Тургандар демдерин ичине катты. Жооп бере албай калабы деп коомайланышкандар да болду.

— Мына, муну тиртилдек дейт. Үрп деп сары суу менен ушул тиртилдектин кошулмасын айтабыз. Муну ар дайым эрикпей саап таштоодон артыгы жок. Пайдасы сүт жакшы сызылып чыгат.

Эсендин бригадасынын мал багуудагы өзгөчө дүбүртү 1965-жылдан башталды. Ушул жылдын кыш айларынын катаал шартына карабастан, булар ар жүз тубар койдон 134төн козу алышты. Кызыл эт козуну алуу менен эле чектелбей, күздө чыгашасыз короодон чоң короо козу бөлүп беришти. Эмгекке эриш-аркак эки жардын урган кулачтары ургаалдуу, сөздөрү ажарлуу, журт кырына дүпөктүү көрүндү. Козу кезинен бир колдо асыралып, бир адамдын тажрыйбасына көнүгүп, кадиктелип калган койлорун эки курдай этке өздөрү өткөрүштү.

Райкомдун секретары Сабыр менен директорго бурулуп:

— Малында бир да баш чыгаша жок. Акыркы туулуп жаткан козулары тигинтип тың, — деди. Анан Самар менен Эсенге карап суроо салды:

— Көрүлүп жаткан жөрөлгөңөр мага аябай жакты. Башкаруучуңар тоют, инвентарь, киши күчүн толук камсыз кылган. Эми жыйынтыкты качан күтөбүз?

— Үч күндөн кийин . . .

Секретарь суроосун тык токтотту.

Булар жалпак сарайдын дарбазасынан сыртты карай кадамдаганда алиги албуут кара шамал өктөм кыялында айлананын топосун асманга көтөрүп туруптур. Чабандын эмгекке чымыр тарткан колун шабдандуу кармаган жолдоштор сапарын улашты . . .

Анда төл майрамы эле. Чарба быйыл дагы биринчи орунга чыккан. Чабандардын ичинен Сабырдын көрсөткүчү жогору. Тапталган күлүктөр келди. Тоолуктар куштарланган оюндардын баары болмок. Кызыл байрактар, эмгек маяктарынын портреттери, толукталган көпчүлүк . . .

Кызыл столду өбөктөгөн райкомдун секретарынын көзү Сабырга тигилет. Чабан сылтый басып, жыйынды башкаруучу жайдын чок ортосунан орун алды. Директор: «ача бер, жыйынды» дегендей ишаарат кылды.

Сабыр микрофонду өзүнө жылдырып, тамагын бир ирет кырып алды. Мурутунун арасы нымшып, кызара түшүп, көпчүлүктү жалт карады, кайра көзүн тартып алды, үнүн бийиктетип туруп:

— Жолдоштор! — деди, — төл майрамына арналган салтанаттуу чогулушту баштай берүүгө уруксат этиңиздер! — Кол чабылды. Сабыр доклад жасоо үчүн директорго сөз ыйгарды. Андан кийин эмгек маяктары: Тургунбай, Эсен, Ашыр, Дайырлар трибунага биринен сала бири чыгышты. Асыпбекке да сөз тийди. Акыркы сөз райкомдун ушул секретарына багытталганда эл дуулдап, кол чапты. Дасыккан секретарь келбетин кармап, сөздү таптап, салмактуу сүйлөдү. Журтчулук муюп олтурду . . .

Эми жетекчилер менен бирге баратып башкаруучу ошол күндү көз алдынан элестетип келип, өзүнчө ойго кетти: «Көрсө, райком менен директор ошол кезде мени тапка киргизип жүргөн окшобойбу?».

ЧАБАНДЫН БИР КҮНҮ

Айлана аябай суук, кыш чилдеси чыкылдап, жаңы көз жарган күндүн чагылышы менен аяз ойку-кайкы учат. Темир аяз ат жалындагы адамдардын бети-колун чымчылап тызылдатат. Мына ушундай кыш өктөмү те-

ребелге тегиз үстөмдүк кылган шартта казан көкүрөк чалыш торунун тизгинин жыя карап, жакасы чүмбөттөлүү кара торунун белин жазылуу кур менен чымырата бууган чабан мал четинде турат. Кары бубак бетинин оту чоктой кызарган, сөздү чакылдап сүйлөгөн жигитке кезмектүү жылдын төрт мезгили тең сырдана, ага кыштоонун жайыты алакандын отуна койгондой маалым.

Быйыл да кар калың түшкөн. Алай беттеги төө куйрук баштары ак бубактан тон кийип серейишет. Ала-теле бозотту имерчиктеп, кашатты бет алган койлор кар тээп оттоп жатат. Бирок бул көрүнүшкө ыраазы болуу керек эмес. Короону эми күнгөйдү беттей жайыш керек. Андан ылдый сойголоктой түшсө, тал-терек жана чычырканактан турган чытырман токойго кабылмакчы. Аны как жарып, шаркырап агып, эми өкүмү суугансып, муз басып, сумбула түшүп, Оттук суусу сулк жатат. Койлор күрткүгө капталышы ыктымал. Токой ичи эми чабанга ченебей кооптуудай көрүнөт. Андайда ит менен кушка ууру-бөрү танапташ болоору шексиз. Чабандардын баштарынан эчен курдай өткөн муну Асан да айдан ачык түшүнөт. Быйыл токой айланасында деле от анча жоктой. Чалгы тийип, устара менен алгандай өлөң чөптөрдү күз башында эле үч-төрт жуманын ичинде мал изгектеп таштаган. Бутактарын айгыр жалдантып, бубак баскан чычырканактар азыр аралаган койдун өскүлөн тарткан жүнүн жулат.

Чабан иштин жагдайын атайын келгендерге кыскача баяндап жатты:

— Азыр карылар айткандай «Токту тойбос, чөмүч кургабас» ай эмеспи. Күн Кош-Дөбөдөн чыгат да, тигил Чоң-Күнгөйдөн батат. Кышкысын минтип, тирмие карап жайбаса болбойт. Колдогу тоют кайда качат. Мал да улам барган сайын кыйды болуп баратат. Кечке жуук жерден от алайын деген ою жок. Эртели-кеч жашыл майканды татыккан койду кыштата аттын сокмогу менен



Жайытта

араң жайып чыгабыз. «Қыш түшкөнү кыйынчылык түшкөнү» дейт го.

Аркы-беркини аңгемелешип отурганча, арадан бир нече убакыт өттү. Анын акыркы пикиринен улам биребиз сөз башын мындайча чыгардык:

Асаке, мен үчүн таң калаарлык окуя болуп отурат. Сиз совхоздогу белдүү шоферлордун биринен элеңиз. Алыс менен жакын рейске бирдей аттанып, эч кимден эрөөн сөз укпадыңыз эле. Кийин күтүүсүздөн чабан болгонуңузду уктук. Сиздин портретиңизди мен ар дайым Ардак тактада такай турганын көрүүчүмүн.

Чачкын жайылган малдын алды сеңирди имерилди. Ызылдаган суукка кайыгып титиреген серейген чий жана камыш түптөрүн имерчиктеген малды бет алып, үзөнгү кагыша баратып, чабан бизди карап:

— Кой, анда, малдын тегерегин имерип алайын. Анан тетиги дөңсөгө чыгалы. Жайылып жаткан мал ээк алдынан көрүнөт. Мени менен аңгемелешкени алыстан атайын ат тердетип келиптирсиңер, эми чабандыкты кантип каалап калганымды чөп-башылап болсо да баяндап берейин, — деди.

Ал койдун тегерегин имерип келген соң, сөз учугу кайрадан уланды:

— Арийне, мындай ишке аттанууда үй-бүлөңдүн көөнү болуш керек. Күн мурунтан өмүр шеригим Күлүйпанын тамырын тартып көрөйүн дедим. Ага малчыларга жем, чөп, отун-суу, азык-түлүк жеткирип жатканымды, мал багууда талап бирдей болсо да, аракет, мамиле ар кандай экенин кейиген мүнөздө эскерттим. Негедир, кийинки кездери бассам-турсам эле чабан болууну эңсөөчү болдум деп, мен бул сөзүмдү дагы бир курдай кайталап туруп, ага муну кошумчаладым.

— Ай, айрым чабандардын кенебестиги мени аябай эле жүдөтүп жиберет. Мен кой өткөрүп алсам, ошолордон кантип тың бакпайын. Чын эле ошол тапта өзүмчө туталана түштүм. Бир ооз лам дебей, ар дайым эр сөзүнө конок берчү Күлүйпа бул саам күлүп туруп:

— Туптуура 19 жылдын жүзү болду.

— Жаңы машинага жеткендеби? — деди. Мага ошондо жаңы машина беришкен. Бул сөзүн айтып алып, өз ичинен аялдык намысына келе түштүбү, же оюна бир нерсе тык дедиби.

— Чын эле машинаны бирөөлөргө өткөзсө эмне экен! — деп, мага карады. Ооба, автомобилдин ар кандай түрлөрүн башкардым. Көбүнчө жүк ташуучу машиналарды айдадым.

— Мейли, көп болсо, баягы Асан жапжаңы автомобилин күтүүсүз кайра тапшырып, таяк кармап, төш таянып, кой кайтарып кетиптир дээр, — деди Күлүйпа.

Күлүйпа шофердун келинчеги болгондон кийин башкалардыкындай эле мени менен кабинада бирге жүрүү-

нү, шаарга барууну, базар аралоону, төркүндөрүнө дембе-дем каттап турууну жакшы эле көрө турган. Ушундан улам менин андай «ак дилимди ал анча жактыра бербейт го» деп ойлочумун.

— Чын эле кой алалыбы? — деди Күлүйпа, кайра мага.

— Ооба, — дедим мен.

— Үй ээсинин ыгынан чыкмак белем. — Ал макул болду.

Мен машинамды өткөзүп, алды-бердимди тактап, бат эле директордун үстүнө кирдим. Абалкы сөзүмдү мындайча чыгардым:

— Мага бир короо кой бериңиз. Машинамды гаражга токтотуп келдим. Бала күнүмдө жылкыда жүрдүм. Ата Мекендик согуштун айыгышкан кезинде жамбы туяк, камыш кулак аргымактарын үйрөтүп, табына келтирип, фронтко жөнөтүштүм. Солтон-Сары, Кара-Саз, Тай-Секи, Коңур-Өлөң, өндүү жылкы малы менен кенен өрүш алган жайыттарда жүрдүм.

Эми чабандыктын да тузун татып көрөйүн деп келдим.

— Ай, асырай албайсың го, — деди чарба жетекчиси башын чайкап, мени токтоо карап туруп. — Канча жылдай шофер болдуңуз?

— Туптуура 19 жылдын жүзү болду.

— Мына мынча өмүрүңүздү, эмгек стажыңызды өткөрүп, эми кой багаарыңызга менин көзүм жетпей жатат. Койдун ызы-чуусунан, күн-түн түйшүгүнөн машинандын үнү түзүк көрүнбөсүн, — деди да күлдү.

— Жок, андай эмес, кадырыңыз жан болсун, жолдош директор, мен эч кимдин айтканын эки кылып, назарын сындырган эмесмин. Азыр аялым гана экөөбүзбүз. Субай-салтан болгондон кийин өз күчүбүздү бир сынайлы деп жатабыз.

— Акыйкатта, сиздин ак ниет адам экениңизди мен

да беш колдой билемин. Башкалардан да угам, — кайрадан ойлуу туруп, — эмесе, азырынча субай кой багып көрүңүз? — деди.

— Мынча болду, мен эми бел байлап атайын аттанып чыккандан кийин тубарын эле багайын.

Жетекчи экөөбүз тай талашып калдык. Мен уятымды эптеп ичиме сыйдырып, көпкө көшөрүп отура бердим. Бул 1973-жылдын жай айы эле. Ошондо чарбада кой кыркын кампаниясы кызуу башталган чак.

Директор:

— Анда эмесе токтоосуз Кара-Кужурга жол тартыңыз. Кыркынга бир аз жардам бере туруңуз, — деди. Мен директор менен кайрадан соодалаша түштүм.

— Эгер мага тубар короо берсеңиз мен барайын. — Албетте, анча кежирдик кылбай күлө багып айттым да, ордумдан копшолдум.

Бир жумадан кийин директор өзү чакыртып:

— Убадабыз карыбасын, Асаке. Түлкүбайдын короосу кишисиз калды. Ошону токтоосуз өткөрүп алгын? — дей салды. Мунун арбынын ошол жылы этке төгүлмөкчү экен. Ак-Таш жайлоосунан 532 койду, 560 козуну чогулта санап алып, Чоң-Бел жайлоосуна көчтүм.

Козу бөлүктө менин түйшүгүм ого бетер артылды. — Тубарын кайрадан класстадык. Короомдун жарымы ошондо эле этке айдалды. Ары жак, бери жакка чапкылап, короолордон кой айдап толуктадык.

Биз анын аңгемесине уюп турдук. Чабан чын пейлинен ичтеги сырын аңтара айтты:

— Ээ, эл ичи элек эмеспи. Чабандыкка азгейдилденип, ак дилимди коюп, ушинтип калк ичинен жылуу сөз угамын — десем, артымдан ар кандай сөздөр да айтылып жатты: «Асан аябай адашты. Төлөмөр болуп шылкыйып отурар. Дүнүйөсү түгөл, машинасын кылдыратып жүрө бербей . . . Асандын талабы башка, менчик машина деген түгөттүн күйүтүнөн минтип ак койдун артынан түшүп отурат . . .

Айтор жазыксыз кулагым көптү укту. Бир чети мындай иштер кайра ого бетер ар-намысыма тийди.

Ошол жайы козулары энелеринен бөлүнөөрү менен элден-журттан эртелеп, Ак-Кыя ашуусу аркылуу Төмөнкү Базага түштүм. Мында катары менен алты жыл малымды күзөттүм. Азыр бул жер эл оозунда Асан кыштоо деп аталууда.

Менин короомдун куутун адегенде Адырбек жүргүздү. Арбын төл аласың, техник-осеменаторго да алкышың даяр экен.

Короом ар дайым бир жерде төлдөйт. Туут учурунда адам күтүүсүз укмуштарга тушукпай койбойт. Короомдо ар жыл сайын ондон ашуун кой үч эм тууйт. Ич ара өзүнчө тоюттандырып, өзүбүз колдон сүт берип, энесине эмизип, айрымдарын жалкы туугандарга телип, турдук. Акыйкатта, жалкы, эгиз, үч эм тууган малдын эти, жүнү, төлүнүн салмагы жана чыйрактыгы, энесинин тоюндурушу ар кандай болот. Чабандын айтымында көптүн кебине кулак түрдүм. Койлордун көздөөсү келишсе, куутун көңүлдөгүдөй өтөт.

— Жай отун жакшы жесин, мал күзүндө өйдө-төмөн көп айдалат. Жай этин кармап калгандай болсун. Козулары бөлүнгөн соң, койлор кыштоого карчыттуу түшүшү тийиш, — дегендер чыкты.

— Мал кыштан эттүү чыкса, төлү тирик, жүнү чыйрак болот — дейт дагы бир даарылары. Чынында баарынын негизи бар экен. Менин ийгилигимдин ата башы мында го деп ойлойм. Козуларды энелеринен эрте бөлдүрүүгө аракеттенем. Эгиздерине кактай эмизген койлор куутка чейинки эки айдан ашуун убакыттын ичинде этине эт кошуп калат. Койлорду алды кысыр калтырбоо керек. Арийне, арык болсо, малың күүлөбөй калат. Анан куутту өткөрүүчү жооптуу жолдоштордун ала колдуулугу да баамдалат. Мал кыштан эти жандуу чыкса, козу салаарын, эртелетип кызыл эт таштаарын, баарынан да, бел көчүк жана жилик тарамыштары бошоп, тол-

готууда ыйына албай калат экен. Анан тубарынан томурайып, чыгаша болсо, төлү кантип арбыйт.

Менин оюмча малчылык жылдын төрт мезгилинде бири-бирине окшобогон, бири-биринен ашып түшкөн, түйшүктөр улам барган сайын түрмөктөлгөн, мээнетиң катуу, тартканың таттуу, эр жигиттин аракет-күчүн, адамдык касиетин айкындай турган кесип экенине ишенемин.

1974-жылы кароом эрте-жаздагы куутка коюлган. Жүзүнөн 151ден төл алдым. Ооба, мындай көрсөткүчтү айтып жатып, Асан өзү да толкундана түштү. Анын мындай сыймыгын мен бакырайган көзүнөн, үстүнкү ууртун жыйып, жасалма тишин кашкайтып койгондугунан, сигаретти дембе-дем соруп, ачуу түтүнүн көккө бүркөнүнөн туюп турдум. Анын ушундай турпасынан улам мен да толкундана түштүм.

Асан короосун эрте жазда алты ай курдай төлдөтүүгө үлгүрдү. Чынында чарба кирешеге маарый түштү. Орточо эсеп менен койдун ар жүзүнөн 140тан козу, кой башынан 3,5 килограммдан жүн кыркып алды. Мында Эмгектеги артыкчылыгы үчүн медалы бар айтылуу шофердун төшүндө кийин Ардак белгиси ордени жаркырады. Чабан эми жекече беш жылдыгында ар жүз тубарынан 140тан кем эмес козу, 3,4 килограммдан жүн алууга аракеттенүүдө.

Кышкы күндүн арымы бир тутам. Кечтеп баратат. Сарт-Кыя тараптан денеге таш батырган төмпр аяздуу айдарым чыйрыктыра баштады. Ангыча чабандын жардамчысы келди.

Чабандык тиричилик эми чөп короодо өтө баштады. Асан өмүрдөшү менен жер чийнеге эндей чөп басууда. Ичте ургаачыныкын, эшикте эркектикин тең тайлаша жасашкан табиятында уяндык жат Күлүйпа адилет сөздү бетке айтуудан такыр тайманбайт. Айыл ичинде ыр ырдап, комуз чертүүгө шыктуу шайыр келин кийинки чакырышта райондук Советтин депутаттыгына шайланган.

Асан камбылдык кылып, талдан ар жылы жер чийне жасайт. Минтмек тургай кургак чөптү үзөнгү боолуктап, чөп чапкан чарбасыз чабандар да бар. Жашырган менен не, малды алар бакпай, мал аларды багып... Чабандык турмуш ушундай, бейкут убакта үйдө куурчагы менен алек төрт жашар Саадат да эми милдеттүүдөй ата энесинин жанында эрбендеп, бош айрыны көтөрүп, чөп, илип, өзүнчө түйшүккө эгедер.

Күн уясына жакындаган сайын койлордун жерден от алуусу токтоп, короодон көзү өтүп, улам мекиренишет. Койлор короого жакындоодо. Кичинекей Саадат көнүмүш адатында жүн тумшук күчүгүн жетелеп, койлордун алдын кайрып жүрөт. Ага болбой мал короого ыкыс берет. Арыдан бери акырга төккөн жемге жапырт бет алган малды Асан менен Күлүйпа тозоттойт.

Койлор шуулдай агылды. Жер бети кылкылдап, кандайдыр бир калың чабуул коюп келе жаткандай элести берет. Кечки аязда катуу дем менен иштегендиктен, Асандын жакасын, Күлүйпанын жоолугун бат эле бубак чалды. Мал антип жемин жегиче, чанадагы чөптү чачып да бүтүштү.

Саксак тондорун кийинген койлор суукка байымдуу өндөнүп, жашыл майканды кардыга чалуу менен алек. Токумун алып, сугаруудан чыйыккан ат төрт аягын бүрүштүрүп, чөптү күтүрөтө чайнап жатканы окчундан кулакка даана угулат. Ылымта жайда байланып, курсагы жер чийген чабандын мала ую бейкапар кепшейт. Мордон булаган түтүн короо тегерегине текши жыт урат. Чабандын иттери өз милдеттерин өтөп бүткөнсүп, куйруктарын элпек булгап, кечки шыбагасын ичип жатат...

Чабан дале короо четинде. Өкүмдүктү аязга бийлеткен теребел улам жоошун тартып, эми көз байлана баштады. Чабандын тиричилигинде анча ыпыр-сыпыр үй оокат сезилбейт. Топчулары жезден чөгөрүлүп, кара кайыштан кыйып жасалган сынбозду ат жабдыгы үйгө бакандардын көзүнө биринчи чалдыгат. Узун үстөл бетин-

деги ласторкон күндүр-түндүр жыйылбайт. Күлүйпанын тырсылдап тыңдыгынан да. Антип утуру чай демдейт, ачкыл жылытат, кыргыз аял затынын каадасы менен кабак-кашым дебей, ар дайым күндөй күлүп турмушуна кирди-чыктылар тымызын ыраазы болушат. Албетте, муну коомдук эмгектенүү менен жекече жашоонун талаптагыдай айкалышы деп түшүнөбүз.

АСЫЛ ТУКУМ ТУУРАЛУ КАЛПЫС ОЙЛОР

Кроссбред жүнү жалтырак келип, 48—56 сапатта болот. Узундугу 18 сантиметрге чейин жетет. Мындай өнөр жай камволдук кездемелерди жасайт. Союзда муну бере турган эт жана жүн багытындагы асыралуучу үч тукум бар. Бири Куйбышев областында, экинчиси Түндүк Кавказда, анан биздин Тянь-Шань тукумундагы кой. Ал эми Жаңы Зеландия, Аргентина, Уругвай, Австралия, Англия сыяктуу асыл тукум кой чарбасы боюнча менменсинген өлкөлөрдөн кийин кроссбред жүнүн өндүрүү боюнча күнөстүү Кыргызстан экинчи орунда турат. Узундугу 15,5 сантиметр келген 7,8, 9 килограмм жүн кочкордон, узундугу 13 сантиметр келген 3,4 килограмм жүн тубар койдон кыркылат. Анын ар бир килограммы 7 сом 60 тыйынды түзөт. Ал эми башка түрдөгү жүндү мамлекетке өткөрүү баасы 6 сомдон ашпайт.

Бул өндүрүлгөн жүн жогорку сапатта экспорттолот. Демек, мындай баалуу жүн берген малдын тирүүлөй салмагы 65—95 килограммга чейин жетет. Бир көй 54 сомду түзүп, мындан 37 сом накталай киреше алынат. 1973-жылы Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы 50 миң койдон бир миллион 880 миң сом таза киреше алган. Жалаң гана койдон алынган мынча байлыкты өндүрүүдө жөнөкөй адамдардын залкар салымдарын көз менен көрүп, акыл таразасы аркылуу баамдайбыз.

Мында бир баса көрсөтүп кете турган нерсе, ал жүндүн узундугу. Өнөр жайында жүндөн кездеме жасоо үчүн

кыска жүндү бири-бирине улаштырууда көп түйшүк пайда болуп, кездеменин үстү одуракай тартып турат, андай кездемени сукно деп аташат, ал эми узун жүндү улаштырганда түйүн аз болуп, андан жасалган кездемелер жылмакай тартып турат.

1969-жылы күз айлары эле. Окумуштуулар жана министерстволун жооптуу кызматкерлери катышкан илимий жыйында жарым уян жүндүү койлордун тукуму туурасында кеңири талаш-тартыштар козголду. Айрым адистерибиз: «Жүндө өлүү жүн бар, фабрикага өткөрүүдө деффект чыгууда. Мындай терс жыйынтык селекциялык иштердин планын туура эмес түзүүдөн. Тукум бара-бара майдаланып баратат»... деген дооматтарды коюшкан. Жок, андай эмес экен, мамлекетке өткөрүлгөн жүндүн 96 проценти кроссбред жүнү эсебинде кабыл алынып, төрт проценти гана шыйрак, баш, чычан, боор... жүнү түзүп, «өлүү жүн» деген доомат оңунан чыкпай калган. Тукум ондогон жылдары сыналган тажрыйбалардан өтүп, күпулга толорлук жактары көп. Муну селекциянын жолунда андан ары айкын өркүндөтүү зарыл. Эми асыл тукум койдун өз ичинен кочкор коюп аргындаштыруу иштерин мындан ары да изден тайдырбоо керек. Ансыз тукум кууучулук «дымагына» кайра кетиши ыктымал. Зоотехнологиялык бул закон ченемдүүлүккө кылдат мамиледе кароонун касиети — селекциялык иштер. Муну даана пландаштыруу зоотехникалык эсеп-кысапка байланышат. Демек, окумуштуулардын методикалык көрсөтмөлөрүн тажрыйба жүргүзүп жаткан чарба кылдат уюштуруу милдетинен тайбоосу тийиш.

Тукумдун майдаланып бара жатышы тууралу коюлган күнөөлөр деле негизсиз. Жөнөкөй чабандыктан жетекчиликке көтөрүлгөн Сабыр тукумдун авторунун бири катары жыйында сөз алды. Жигиттин түшүнүгү андан беш бетер кеңейип, калышын ошондо сезишим! Ал азыр асыл тукум өрүш алган бөлүмдүн туруктуу көрсөткүчтөрүнө токтолуп «Тубар койлорду асыроо кыйын,— дейт.

Андан ары жүйөлүү себептерге кайрылып,— тубар кыштата ичтен бала асырайт. Улам ичтеги козу жетилген сайын мал этинен жадыйт. Эгиз туучу койлордун түйшүгү андан бетер артылат. Туулган козу жалкы болсо бир аз ирдүү, чыйрак болоору, муну эне жеңил асырай тургандыгы белгилүү. Эгиз козунун, андан ары эненин асыроосун да эске салам. Эки козу эненн жайлата кактай эмсе, ал кой жай отуна ойдогудай семире албайт. Демек жалкы, эгиз малдын ич ара айырмалары байкалат. Биздин аба ырайы кескин өзгөрмөлүү жергебизге кроссбред жүнүн берген төртүнчү тууттан өйдөгү койдун ар жүзүнөн 110—115тен төл алуу азырынча максатка ылайыкташат. «Туулганына сүйүнбөй, турарына сүйүн» дегендей туулган кызыл козуну эсептебей, «жөжөнү күзүндө саноо» зарыл. Анткенибиз эгизчил болуп жатышы бул малда жарым кылчык жана уяң жүндүү койлордун жөрөлгөсү азыр да мыкты сакталган. Бирок, менин бул айткандарымда эгизди четке кагып таштоо эмес, малдын биологиялык өсүшүн эске алуу керек. Чарбада тоюттун туруктуу эрежелерин сактообуз тийиш. Тоюттун үлүшү ар бир койдун оозуна жетпөөдө. Тоют базасын түзбөй туруп, тоо жеринде сырдана болуп асыл тукумдун келечегине кам көрүү мүмкүн эмес». Мындай чыныгы зоотехникалык ойду Евгения Степановна жана чарбанын адистери колдоп чыгышты.

Биз Сабыр болуп бир чарбада эмгектендик. Дайым жүздөшүп турдук. Ал түзүүгө катышкан тукумду даана таанытууга аракет кылдык. Эт өндүрүүнү көбөйтүүнүн ийкемдүү жолу жөнүндө салмактуу ойлорду биринчи жолу ушул Сабыкемдин өз оозунан уккам. Сабыкем:

— Козуну этке төгүүнүн мааниси зор. Биздин тукумдун суткалык өсүшү бат, 450 граммга чейин жетет. Орточо алганда ургаачы козу 35—37, эркеги 40—62 килограммдан тирүүлөй салмагы бар. Козуну беш айдан кийин жүнүн кырып, этке төгүү керек. Козу этинин сапаты мыкты. Экономикалык эффективдүүлүгү да өйдө. Козу-

ну ирик болгонго чейин кармап, убаракерчилик жок. Анткени биз менен өз ара мелдешке чыгышкан Жер-Көчкү бөлүмүндө экономикалык көз карашта өзүн-өзү актай албай жатат. Мында тоют жетишерлик камдалбайт. Кийинки төрт жылы ар бири 4,1 килограммдан жүн, 65 килограммдан эт берди,—дейт.

Эт өндүрүүнүн экономикалык эффективдүүлүгүн көтөрүү үчүн тукумдун автору айткандай, козу кезинде эле этке төгүп, тубар койдун үлүшүн аз-аздан көбөйтүү зарыл. Биринчи кезекте асыл тукумга жарабаган козуларды төгүү, карган жана эмчеги сезгенген, аксак-тексек, сокур ,кара желин, көк мээ болгон койлорду өткөрүү тартибине жетишүүбүз тийиш. Козу этин өндүрүүгө жетишүү үчүн эрте жаздагы туутка өтүп, тоют запасын түзүү керек.

Сабыр башкарган бөлүмдө чабандык кадрларды тандоого артыкча көңүл бөлүнөт. Партуюм менен бирдикте ар бир адамга жекече мамиле жасалып, ар биринин өздүк кудурети эске алынат. Биринчи кезекте тубар кой баккандар, анын ичинде биринчи тууттагы кой баккандардын түйшүгү өзгөчө бааланат. Жалаң козу багууга адистешкен чабандар сегиз айча багып, шартына жараша башкаларга өткөзүп турушат.

Ошентип, айлыбыздын кайраткер уулу чабан кезинде төшүнө Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери менен бирге бир нече медалдарды тагынып, Мал чарбачылыгынын биринчи класстагы мастери деген наамды алса, тогузунчу беш жылдыктагы күжүрмөн эмгеги, башкаруучулук дымагы үчүн Октябрь революциясы орденине ээ болду.

Сиз буюрса, Кара Кужур өрөөнүнө кайрылып калсаңыз, Ой-Корумдудан Чай-Колотко чейинки адыр-белестерде, жылга-жыбыттарда толо мал экенин, чабандар кышкысын жайлуу үйлөрдө, койлор жылуу кашарларда турушарын көрөсүз. Кыштоолорду кыдырсаңыз, короолордо көңүл тойгондой көк таштай таңгак чөптөр заң-

кает. Эмесе, мындай ийгиликтер бир кездеги чабан, тукумдун автору, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сабыр Абакировдун кийинки башкаруучулук идрегине да байланыштуу.

ТУКУМ ЖАЙЫЛТЫЛУУДА

Кой чарбасы — Ленин ордендүү станциянын экономикасынын негизги булагы. Мындан алынган арбын төл, жибек жүн, майлуу эт жана асыл тукумду башка чарбаларга сатуу аркылуу чарбанын экономикалык күч-кубаты артылып, калктын маданий-материалдык турмуш деңгээли тынымсыз өсүүдө. Ал албан ийгиликтердин сыры кажыбас-кайрат менен ыйык эмгек вахтасында турушкан малчылардын, баарынан мурда каракужурдук чабандардын алтын колдорунда.

Тянь-Шань жарым уяң жүндүү коюн асыроодо ондогон чабандар мал багуунун мастери болушту. Кыйла жылдардан бери карай такай мыкты көрсөткүчтөрдү жараткан Лахол бөлүмүнүн ага чабаны Абдыгазиев Тургунбай кырк жылга чукул асыл өмүрүн ушул такай чабандык кесипке арнады. Атасы Абдыгазы кезегинде чарбанын сыймыгы болуучу. Кийин карыя пенсияга чыкса да, эмгек шеригинен окчун калбады, өзүнүн ак жолтой таягын — эмгек эстафетасын уулуна берип, атанын нарктуу жышаанын толугу менен уулуна жугузду. Ага чабан Тургунбай өзүнүн өмүрдөшү Апал экөө эриш-аркак болуп, асыл тукумду өнүктүрүп, анын продуктуулугун көтөрүүдө талбай эмгектенүүдө.

Чабан КПССтин XXIII, XXIV жана XXV съезддери кабыл алган күрдөөлдүү беш жылдыктарда өзүнүн күжүрмөндүүлүгүн айныксыз көрсөтө алды. Ал бул аралыкта кадик чабан гана эмес, чебер техник-осеменатор жана санитар болуп чыга келди. Анын төшүндө Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу ордени бар. Тургунбай мындай жогорку сыйлыктарга короосундагы ар жүз ту-

бар койдон 122—159дан козу, кой башынан төрт килограммдан кем эмес кроссберд жүнүн ар жыл сайын кыркып алып келгендиги үчүн жетишкен.

Жаңы тукумду өстүрүүдө бел чечпей иштегендердин бири — Жаңыгулов Норсек. Ал өз ара социалисттик мелдешке чабан Усубалиев Үсөндү чакырган. Тең тайлашуу менен марага келишкен эки курдаштар таяк кармаган жылдары эле көзгө көрүнүшкөн. Жүзүнөн 143төн төлдү, жыл сайын камсыз кылган чабандык бригадасынын эмгеги даана бааланды. Норсекте Октябрь революциясы ордени бар. Жубайы Жаңыгулова Шайыркүл болсо Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланып, 1970-жылы майда Союздук парламенттин VII чакырылышында СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.

Шейшеев Мукамбет 1975-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Мал чарбасынын мастери деген ардактуу наамды алган. Ал үч жылы катары менен тубар койлордун ар жүзүнөн 155ке чейинки төл берип, ушул сыймыкка жетишкен. Жигит көз ачкандан бери кой четинде, канткени менен анын ата конушунун жайыт уузу ага айкын.

Атасы Мамакеев Шейшенин өз бетинче сыймыктанаары бар. Карыя совхоздун уюткусун түзүштү. Эгер Шекемдердин эмгегин эске түшүрсөк, совхоз тарыхы алаканга салгандай даана тартылат. Андан берки көп кырдуу, терең сырдуу жылдарында жалаң кой чекесинде болду. Ушул аймакта кой күзөткөнүнө эчен жылдар серпилди. Жапыс мойноктун астындагы чоң сарай Шейше кашар деп аталып калды. Адамдын тирүүлүктөгү баскан изи ушул да. Эми бул жер чоң-кичиненик оозунан түшпөйт. Карыя чабан байбичеси Керима экөөнүн учурунда бүгүнкү Мукамбет менен Бейшегүлдүн төлүнөнбү, жүнүнөнбү, же малдын туягын сактоодонбу, атак-даңктары аябай артылган. Ата чыйыры менен Мукамбет Октябрдын 50 жылдыгы Кыргыз республикасынын 40 жылдыгы, Октябрдын 50 жылдыгы, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жыл-

дыгы өндүү юбилейлик майрамдардын салтанаттары үчүн ата-эне эстафетасын колуна алып, эмгектин мейкин вахтасында кулач керди. Эгер Шейше менен Керимага кезегинде Ардак белгиси ордени менен Эмгектеги каармандыгы үчүн медалы ыйгарылса, Мукамбет — бир нече курдай союздук айыл чарба көргөзмөлөрүнүн катышуучусу. Ал өкмөттүк жогорку сыйлыктардын бири Эмгек Кызыл Туу орденинин кавалери. Ушундай 1978-жылы Султанова Света 155тен, Кулумбаев Жусу 136дан жана башкалар арбын төл алышты.

Асыл тукум кой негизделгенден бери карай областыбызда кроссбред жүнүн өткөрүүчү база түзүлүп, жолго коюлууда. Бул койдун продуктуулугун жана санынын өсүшүнө зор таасирин тийгизет. Мал чарба тажрыйба станциясы (1963—1978-жылдары) бекитилген зоналардагы чарбалардын койлорун асылдандыруу үчүн 20249 козу кочкор сатып, мунун 33 проценти элитаны түзгөн. Ал эми сатылган 29883 токтунун биринчи класстагысы 42 процентке барабар.

1978-жылы 1490 баштын ордуна 1546 козу кочкор, 1994 баш токту сатылып, план 103 процентке аткарылган. Бул токтулардын 25 проценти биринчи классты түзүп, орточо салмагы 45 килограммга жетти. Козу кочкорлор класстык составы жагынан өзгөчөлөндү. Анын 26 проценти элита боюнча сатылып, тирүүлөй орточо салмагы 57,5 килограммдан айланды.

Бул тукумдан сатылуучу токтулар жана козу-кочкорлор үч-төрт жылдан кийин дээрлик биринчи жана элита классын түзмөкчү. Андыктан зоотехникалык илим боюнча эт, жүн багытындагы бир жашка чейинки кочкорлорго 1,2—1,5 тоют бирдиги, токтуларга 0,9—1,2 тоют бирдигин берүүгө жетишүүбүз тийиш. Бул багыттагы асыл тукум койду ойдогудай асыроодо Сыдыков Абдыбек, Бейшебаев Муса, Сүйүнов Жусу жана Дүйшөмбаев Нуркул өндүү чабандар зор ийгиликтерге жетишүүдө.

Ала тоолук асыл тукум койдун чыгарылышын жак-

тырган айрым бир мындайча мааниде жазылган ойлор бар. Алардын бири:

«Бул эмгектин негизги мааниси кой чарбачылыгы кирешенин башкы булагы болуп эсептелген Борбордук Тянь-Шандын бийик тоолуу колхоздору жана совхоздорунда кроссбреддүү кой чарбасын рентабелдүү өстүрүп, экономиканы көтөрүүнүн проблемасын чечкендигинде».

М. Нармаев.

Айыл чарба илимдеринин доктору, Кара-Калпак АССРинин эт багытындагы мал чарбачылык илим изилдөө институтунун окумуштуулар советинин председатели, РСФСРдин эмгек сиңирген зоотехниги.

Н. Зинченко.

Советтин секретары, айыл чарба илиминин кандидаты.

«Көрсөтүлгөн тукумдун айырмаланган өзгөчөлүгү — Кыргыз ССРинин тоолуу райондоруна шартташкандыгы. Бул Тянь-Шань тукуму аныкталгандан кийинки кыска мөөнөттүн ичинде популярдуулукка, санынын тез өсүш каситине ээ болушу айрыкча белгиленет.

(ВНИИОКтин чыгарган № 16 токтомунан)

В. Зарытовский

Бүткүл Союздук кой-эчки чарбачылык илим-изилдөө институтунун директору. Айыл чарба илиминин кандидаты.

Кыргызстан КП Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Совети Кыргыз ССРинин илим жана техника жагынан мамлекеттик сыйлыктар боюнча Комитетинин сунушун карап чыгып, 1974-жылдагы Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыктарын ыйгарып берүү токтому менен төмөндөгүлөр:

Кыргызстан мал чарба жана ветеринария илим-изилдөө институтунун сектор башчысы Друженькова Евгения Степановна, ага илимий кызматкерлери: Друженьков Георгий Иванович, Төлөмүшова Эркин Шамыралиевна, мал чарба боюнча Тянь-Шандагы тажрыйба станциясы-

нын башкаруучусу Абакиров Сабыр чабандар: Жамгырчиев Качаган, Жамгырчиев Асаке,— койдун Тянь-Шань тукумун өстүрүп чыгаруу жана таркатуу эмгеги үчүн республикалык мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары болушту.

Арийне, асыл тукум койду өстүрүп, анын продуктуулугун көтөрүү максатында илимий иштерди жүргүзүүнү Кыргызстан мал чарба тажрыйба өндүрүш бирикмесинин илимий кызматкерлери өз колдоруна алышып, келечектүү аракеттер ар тараптан жүргүзүлүүдө. Алсак, маркум Төлөмүшева Эркин Шамыралиевна бул асыл тукумдун жүн продуктуулугун өркүндөтүү жана башка чарбаларга жайылтуу туурасында өмүрүнүн акырына чейин иштеп келди.

Тянь-Шань тукумундагы койлорду ар кандай деңгээлде тоюттандыруунун продуктуулукка тийгизген таасирин тажрыйбалоо илимий кызматкер Казиев Шакманга таандык. Ал эми бийик тоолуу кроссбреддик кой чарбасында козу этин өндүрүүнү көбөйтүүнү изилдөөдө жаш окумуштуу Ажыбеков Асанбек Сармашиевичтин аракети зор.

КПССтин XXV съездинин жана 1978-жылдагы июль Пленумунун чечимдеринде мал чарба азык-түлүктөрүн ылдамдык менен көбөйтүү белгиленген. Онунчу беш жылдыкта орточо жылдык эт өндүрүү 15—16 миллион тоннага жетмекчи. Ал эми Кыргыз ССРинде 1980-жылы эт сатуу 255 миң тонна болмокчу. Бул милдеттерди ишке жигердүү ашырууда республиканын айыл чарба өндүрүшүнүн башкы тармагы кой чарбачылыгына зор роль таандык, себеби кой этинин үлүшү эт өндүрүү балансасында 42 процентке барабар. Демек, кой чарбачылыгы республикабыздагы эт ресурстарынын негизги булагы экендиги айкын. Мунун негизги шарты — мал чарбачылыгын интенсивдүү жол менен өнүктүрүү. Кой этин өндүрүүнү көбөйтүү жана анын сапатын жакшыртуу козуларды туулган жылында этке төгүү менен камсыз бол-

мокчу. Натыйжада эт өндүрүү көбөйөт дагы тармактын экономикалык натыйжалуулугу жогорулайт.

Козу этин өндүрүүнү көбөйтүүнүн маанилүү булактарынын бири бийик тоолуу Тянь-Шань, Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондорунун чарбаларында өстүрүлүп жаткан эт-жүн багытындагы Тянь-Шань тукумундагы койго таандык. Бул тез өсүп-жетилүүсү, жогорку сапаттагы эти жана кроссбред жүндүүлүгү менен айырмаланат. 4—5 айлык козулардын салмагы 33—35 килограммга жетип, бул соолук койлордун тирүүлөй салмагынын 50—55 процентин түзөт.

Областыбыздын башка чарбаларындай эле Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында койлорду төлдөтүү эрте жазда (март) жана жазында (апрель) жүргүзүлөт. Эрте жаздагы төлдөтүүгө тубар койлордун 50 процентке жакыны коюлуп, ар жүзүнөн 115—118ден козу, ал эми жазгы төлдөтүүдө 90—92ден козу алынган. Төлдүн көп алынышы эрте жазга төлдөтүүгө коюлган тубар койлордун күзүндө куут кампаниясынын мезгилинде эгиндин аңыздарында жайылып, жасалма жол менен уруктандыруу деңгээлинин жогору болушуна байланыштуу болот. Төлдүн жатындагы өсүү мезгилинин биринчи маанилүү бөлүгү тоюттандыруунун нормалдуу убагына туура келет. Демек, жаш окумуштуу Асанбек Ажыбеков бул эки мезгилде туулган козулардан атайын тажрыйбалык топ түзүп, туулгандан тартып он—сегиз айлык жашына чейинкисин таразага тартуу аркылуу байкоо жүргүзөт. Туулганда эрте жаздагы козулар жазгыларга караганда бойлуурааk келишип, салмагы таразага 4,3 процентке оорураak отурган. Эрте жаздагы козулардын мындай артыкчылыктары алардын кийинки өсүшүнө дагы зор таасирин тийгизет. Алар энелеринен ажыраган мезгилинде алты айлыгында 8,1, сегиз айлыгында 5,0, он айлыгында 7,8 жана он эки айлыгында 7,2—10,6 процентке салмактуурааk болушат. Козулардын тирүүлөй салмагы энесинен ажыратуу мезгилинде 32,1—

34,7 килограммды түзүп, этке төгүүгө толук жарактуу болот. Тянь-Шань тукумундагы козунун мындай эрте жетилүү өзгөчөлүгү аларды туулган жылында эле этке өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Алты жана сегиз айлык жашында этке төгүү үчүн кайра өстүрүүгө жараксыз болгон козуларды энесинен бөлгөндөн кийин күзгү бетегелүү жайытта жана арпанын аңызына семиртүүгө коет. Аларды эки топко бөлүп, мунун биринчи тобундагы—ар бир башка 0,8 килограммдан арпанын адырамасы берилип турулат, экинчи топтогулар жайыт менен гана чектелишет.

Жайытты пайдаланууда мындайча ыкма колдонулган козулар түшкө чейин арпанын аңызында, түштөн кийин табигый жайытта оттошот, себеби күзгү кыроонун натыйжасында аңыз чөбү бир аз жумшап жана чыктуу болуп калат да, жайыт үнөмдүү жана толук пайдаланылып, козулардын семиришине шарт түзөт. Демек, 6—8 айлык козулардын суткалык салмак кошуусу 167 граммды түзгөндө, кошумча салмактын бир килограммына 6,04 тоют бирдиги чыгымдаларын тажрыйба көрсөттү. Соолук кой менен ирик козуга караганда 1—1,5 эсеге көп тоют жейт. Албетте, козуларды этке төгүү тоютту зарптоо жагынан да алда канча натыйжалуу экендиги айкын.

Жайытта семиртүүнүн аягында таразага тартканда алты айлык козулардын тирүүлөй салмагы 39,0—44,0 килограммдан болуп, ал эми кошумча концентрат жегендердики, буларга караганда 3 килограммга чейин кошумча салмак берген. Семиртүүгө коюлган салмактын өсүшү 8,4 процентке жогорулап, сегиз айлык козулардын орточо салмагы 49 килограммга чейин жетип, буларды 5—6 айлыгында кыркканда 1,25, килограммдан 1,75 килограммга чейин жүн алынган.

Сегиз айлык козулардын накта эттүүлүгү (77 процент) менен мүнөздөлүп, алты жана он сегиз айында

союлган козулар менен салыштырганда бул көрсөткүчтөн жогору болгон.

Жайытты узак убакыт пайдалануунун натыйжасында эрте жазда туулган козулардан эттин союлган салмакта алынышы жазгыларга караганда 3,1—3,9 процентке көп. Чоң койлорго караганда козунун этинде май эт тарамдарынын арасында көбүрөөк чачылып, ага кыртыш майын пайда кылуу менен эттин даамдуулугун жана чыктуулугун алда канча арттырат. Мындай эт организмге аш болумдуулугу жана сиңимдүүлүгү менен айырмаланып, калктын бүгүнкү жана эртеңки талабына дал жооп берет.

Кайра өндүрүүгө жараксыз эт-жүн багытындагы козуларды туулган жылында атайын жайытта семиртүү менен этке төгүү экономикалык жактан дагы натыйжа берүүдө. Себеби козу этин өндүрүүгө кетүүчү чыгымдарды негизинен чабандардын эмгек акысы жана кошумча тоюттун наркы түзөт да, эмгек жана материалдык каражаттар буга аз сарпталмакчы.

Ошентип козуларды этке төгүүдөн алты айлыгында 55,94—57,80 сом, он сегиз айлыгында 108,3—111,9 сом накта киреше алынууда.

Бир козуга 16 сомдон 25 сомго чейин каражат чыгымдалды. Ал эми сегиз айлык козулардан түшкөн киреше 83,49—89,23 сомду түзүп, зарпталган ар бир сомго 4,73—0,5 сомдон накта киреше туура келген. Бул тукумду мындан ары жайылтуу үчүн койду кышында жана эрте жазда төлдөтүү, тубар койдун үлүшүн эң кеминде 50—55 процентке жеткирүү жана туруктуу тоют базасын түзүүнү жигердүүлүк менен ишке ашыруу зарылдыгын, областыбыздын колхоз жана совхоздорунда эт өндүрүүнү көбөйтүүгө жана анын сапатын жогорулатууга карата окумуштуулар илимий тажрыйбаларды жүргүзүп жатат.

Айыл чарба илиминин доктору Рысбек Эсенгулович Садыков: «Нарын областынын бийик тоолуу зоналарында

жарым уяң жүндүү Тянь-Шань тукумундагы кой ийгиликтүү райондоштурулду. Ал климаттык шарты татаал болгон Кара-Кужур өрөөнүндө өстүрүү менен ишке ашты. Эт-жүн багытындагы Тянь-Шань тукумундагы бул кой айрыкча, этинин сапаты жана кроссбреддик жүндүүлүгү менен айырмаланат. Нормалдуу тоют шарттарында багылган учурда бул кой тез өсүп, күүгө эрте келет жана ар жүз тубар койдон 120—140тан козу алууга болот. Тянь-Шань тукумундагы койдун продуктуулугу жогору болгондуктан, мурда артта калган чарбалардын эсебинде жүргөн Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясы көп жылдан бери жыл сайын 1,5 миллион сомдон кирешe алып, республикага даңкы чыккан чарбалардын катарына кошулуп, өкмөттүк эң жогорку сыйлык Ленин орденин алууга татыктуу болду. Азыркы мезгилдеги 650 миңден ашуун кой башын келечекте 1—1,5 миллионго жеткирүү пландаштырылууда» деп көрсөтөт.

Бул койду Кыргызстандын бүтүндөй мал киндиктүү сырт жайыттарында өстүрүүгө көңүл коюу келечектеги жүзөгө ашуучу албан милдеттерден болмокчу . . .

МАЗМУНУ

	Бети
Жубайлар	3
Чарбанын тарыхынан кыскача сөз	13
Асыл ой пайда болду	15
Койдун жаңы тукумунун чыгарылышы	18
Чабандын аракети	23
Качаган карыянын аңгемеси	28
Сабыр-Кыя	33
Тукумдун жаралышы	39
Ири көрсөткүчтөр	45
Жаңы башкаруучу жана чабандар	47
Башкаруучунун бир күнү	50
Төл алуу иши — эр иши	54
Эсендин кашарында	59
Чабандын бир күнү	64
Асыл тукум тууралу калпыс ойлор	73
Тукум жайылтылууда	77

ЛЮДИ И ДЕЛА КИРГИЗСКОЙ ДЕРЕВНИ

Амантур Акматалиев

РОДИНА КРОССБРЕДНОГО ОВЦЕВОДСТВА

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактору **Ы. М. Ыбышев**
Көркөм редактору **Н. С. Таранов.**
Тех. редактору **Ж. Сооронкулова**
Корректору **П. Самаева**
ИБ № 1118

Терүүгө 26. 12. 1979-ж берилди. Басууга 23. 05. 1980-ж. кол коюлду. Д—02554. Кагазы типографская № 1. Адабий арнби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $70\times108^{1}/_{32}$. 2,75 физ. басма табак, 3,85 шарттуу басма табак, 3,736 учеттук табак. Тиражы 1000.
Заказ № 3263 Баасы 10 т.

«Кыргызстан» басмасы
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү 170.

Типография ХОЗУ Совмина Кирг. ССР,
Иванцин — Карпинский көчөсү.

10 г.

